КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЧЫЛАР КООМУ

АТУУЛДУК ӨНҮГҮҮ ФОНДУ

РЕНЕССАНС

т а р ы х
жана
м а д а н и я т

Экинчи чыгарылышы

28
60430
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
БИБЛИОТЕКА
Инв.№ 787100

Бишкек - Ош — 1999

ББК 63.3 (О)
Р—39

Ренессанс:
Р—39 Тарых жана маданият. —Экинчи чыг. —Бишкек-Ош: КТК, 1999. — 160 б.

ISBN 9967 —505— 15 — X

Жооптуу редакторлор: **Т. Кененсариев** — тарых. ил. докт., профессор
К. Молдокасымов — КТКнын төрагасы, КМУУнун докторанты

Рецензенттер: **У. Чотонов** — ОшМУнун профессору
Ж. Жаныбеков — КМУУнун доценти

Илимий-популярдык "Ренессанс" аттуу мезгилдүү басылма жыйнагында Орто жана Борбордук Азиянын, Түрк дүйнөсү жана Кыргызстандын эң байыркы мезгилден ушул күнгө чейинки тарыхынын, маданиятынын актуалдуу маселелери кыргыз, орус тилдеринде басылып турат.

Жыйнак азыркы тарыхнаамалык көз карашты пропагандалап, Кыргыз жумуриятынын тарых илимине олуттуу салым кошууга далаалаттанат.

Р 0501000000 — 99 ББК 63.3 (О)

ISBN 9967 — 505 — 15 — X
© Кыргызстан тарыхчылар коому, 1999
© ОшМУнун атуулдук онүгүү фонду, 1999

Асанканов А. (Бишкек)
Малтаев К. (Ош)

Кыргызы и праздник Нооруз

В многовековой истории и культуре кыргызов и Кыргызстана особое место принадлежит празднику Нового года, весны - Нооруз[1]. Кыргызы Нооруз еще называют «Оруздама»[2]. На наш взгляд «Оруздама» происходит от среднеперсидского «Нооруз амад» - «Пришел новый день». Происхождение «Нооруз амад» пояснил еще великий Бируни[3]. «Оруздама» был характерен для северных кыргызов и, по-видимому, возник в тюрко-согдийское время. Об этом свидетельствуют многочисленные археологические материалы согдийских переселенцев в Чуйской и Таласской долинах[4], и многие вещи согдийцев из Чуйской долины отражают зороастрийские культы[5]. Некоторые из них недавно удачно истолкованы в контексте ритуалов Нооруза в статьях Л. М. Ведутовой.[6] Следовательно, «Оруздама» у кыргызов означает: «праздновать», «праздничное», «празднество».

Китайский автор Хы Жихон в своей статье подчеркивает, что праздник весны, Нового года, Нооруз является выдающимся праздником китайских кыргызов и ввели его кыргызы[7]. Свое заключение Хы Жихон обосновывает тремя причинами: 1) существованием у кыргызов собственного календаря в 12-месячным и 12-летним животными циклами, которые связаны своим происхождением с собственно производственно-трудовой и связанной с ней познавательной деятельностью; 2) потребностями производственно-трудовой деятельности; 3) религиозными верованиями, а именно с культом огня у кыргызов.

---

[1] *Асанканов А.* Кыргызы: рост национального самосознания. - Б.: Мурас, 1997. - С.131.

[2] *Абрамзон С. М.* Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Ф., 1990. - С.290.

[3] *Бируни.* Памяти минувших поколений. Избранные произведения. Т.1. - Ташкент, 1957. - С.225.

[4] Труды Семиреченской археологической экспедиции (Чуйская долина). - М.-Л.: Изд-во АН СССР, 1950 (МИА, 14); *Бернштам А. Н.* Памятники старины Таласской долины. - А.-А., 1941; *Негматов А. Н., Мамаджанова С. М., Мукимов Р. С.* Согдийско-уструшанские традиции в градостроительстве и культуре Семиречья. //Древний и раннесредневековый Кыргызстан . - Бишкек: Илим, 1998. - С. 136-142.

[5] Труды Семиреченской археологической экспедиции... - С. 115-119.

[6] *Ведутова Л. М.* Архаические представления в раннесредневековой художественной культуре Кыргызстана. //Древний и средневековый Кыргызстан. - С.144-160; *Его же:* Согдийский цикл: к семантике керамического комплекса с Чуйской долины. //Из истории и археологии древнего Тянь-Шаня. - Бишкек: Илим, 1995. - С. 239-244.

[7] *Жихон Хы.* Нооруз тарыхы. //Кыргыздар. IV. Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты. - Бишкек, 1997. - 581-589 бб.

Из кыргызских ученых к такому заключению пришел известный исследователь А. Байбосунов, который подробно рассматривал связь кыргызского календаря и летоисчисления с праздником Нооруз[1] и это избавляет нас от необходимости прокомментировать Хы Жихона.

Связь праздника Нооруз с потребностями производственно-трудовой деятельности, с началом сезона сельскохозяйственных работ Хы Жихон видит в приготовлении кыргызами обрядовой пищи «көжө», которую готовят из семи разных продуктов[2].

Хы Жихон приводит легенду о причине приготовления «көжө». Однажды на земле кыргызов наступили сильные холода, замерзли реки и остановились мельницы. Люди были вынуждены варить пищу из зерна без размола и тем питаться. После таяния снега, с наступлением весны зазеленели горы, пастбища стали тучными, родился богатый урожай, размножился скот, словом, наступило изобилие достатка и благополучия. Наступление такого изобилия кыргызы видели в приготовлении и употреблении из зерна без размола пищи «көжө» и стали каждый год отмечать праздник весны, Нового года, Нооруз, с приготовлением «көжө» и пожеланием благополучия и достатка[3].

Изложенная Хы Жихон легенда поразительно точно совпадает с сообщением арабского географа XII в. Ал-Идриси «Китаб Нузхат Ал-Муштак фи-Хтирак Ал-афак» («Развлечение истомленного в странствовании по областям»), извлечения из которого приводит известный кыргызский тюрколог О. Караев[4]. Из главы «О некоторых тюркских племенах»: «У них (хирхиров) на этой реке (имеется в виду самая большая река Хирхир - кыргызов Манхар - авторы) имеются мельницы, на которых они размалывают рис, пшеницу и другие злаки (превращая их в муку, из которой приготовляют хлеб или же едят их в вареном виде без размола, этим они и питаются»[5]. Это сообщение и легенда частично совпадают и с сообщениями некоторых китайских источников[6].

---

[1] *Байбосунов А.* Донаучные представления кыргызов о природе. - Фрунзе, 1990. - С. 29-40.

[2] *Жихон Хы.* Указ. раб. - С. 581-582.

[3] *Караев О.* Извлечения сведения из географии Ал- Идрис «Китаб Нузхат алмуштак фи-х тирак Ал-афак (развлечения истомленного в странствовании по областям). О некоторых тюркских племенах. //Арабо-персидские источники о тюркских народах. - Ф.: Илим, 1973. - С. 49-59.

[4] *Караев О.* Указ соч., с. 49-59.

[5] Там же, с. 53.

[6] *Бичурин Н. Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1. - М.-Л.. 1950. //Восточные авторы о кыргызах. Составление, введение и комментарии О. Караева. - Бишкек, 1994. - С.5; *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибирии, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1961.//Восточные авторы о кыргызах. - С. 16.

Кыргызы в прошлом в каждой юрте варили «Нооруз көжө» - жидкое кушанье из пшена или ячменя, пшеницы с добавлением цельного молока (иногда изготовляли с мясом) и угощали каждого, кто приходил поздравлять с Нооpузом. Считалось, что съедено на Новый год, будет в изобилии в течение всего года[1]. С. М. Абрамзон указывает, что во время Нооруза варили специальное блюдо - жидкую кашу из пшеницы (көчө)[2]. По пояснению К. К. Юдахина, көжө имеет различные названия: «оруздама», «жыл көжө» или «чон көжө», «нооруз көжө»[3]. Более подробное описание о «көжө» и о способе его приготовления дается в книге «Кыргызская кухня»[4]. Его варят из свежего или копченого, вяленого мяса и семи разных видов злаковых культур.

Ритуальное блюдо «көжө» готовят к празднику Нооруз казахи и узбеки[5]. У казахов блюдо называется «науруз көжө», или «кудайы көжө», а у узбеков «кош ашы» (букв. кош - «пара», подразумевается пара быков, запряженная в пахотное орудие).

Как уже упоминалось, во время Нооруза кыргызы варили специальное блюдо - жидкую кашицу из пшеницы - көчө. По К. К. Юдахину, көчө: 1) то же, что оруздама; 2) южнокыргызский то же, что «көжө» (здесь местами приготовляются из сорго[6]. Способ приготовления и компоненты көчө и чоң көжө («оруздама») почти сходны. Однако по составу компонентов «көчө» намного беднее чем «чоң көжө» и его готовили не для всех, а только в семейном кругу.

Ритуальное блюдо, похожее на наше «көчө» готовят таджики Западного Памира на Нооруз. «Утром варили «кочө» в кипяченой воде, разбалтывали просяную или пшеничную муку, варили до загустения и сверху добавляли как приправу молоко («хувд») или масло»[7].

Кыргызы, особенно на юге, на праздник Нооруз готовят ритуальную пищу из пшеничного проросшего солода и муки в прокаленном хлопковом масле - сумаляк. Мы уже подробно описали о ритуальной роли, технологии приготовления сумаляка[8].

Таджики Западного Памира заранее, до начала Нооруза, готовят, кроме «кочи» и сумалака (сумаляк - авт.), еще одну ритуальную пищу - «бат», которую

---

[1] *Байбосунов Т.* Указ. раб., с. 31.

[2] *Абрамзон С. М.* Указ. раб., с. 290.

[3] *Юдахин К. К.* Кыргызско-русский словарь.(далее КРС). Кн 1. - М., 1965. - С. 414, 433; Кн 2. - С. 82.

[4] *Борубаев Т.* Кыргыз даамы (на кырг. языке). - Б., 1992. - С. 64-65.

[5] *Кармышева Дж. Х.* Земледельческая обрядность у казахов. //Древние обряды, верования и культы народов Средней Азии. - М., 1986. - С. 53-54.

[6] *Юдахин К. К.* КРС. Кн. 1. - С. 414.

[7] *Мухуддинов И.* Реликты доисламских обычаев и обрядов у земледельцев Западного Памира (XIX -начало XX в.). - Д., 1989. - С. 45.

[8] *Асанканов А., Малтаев К.* Обряды культа огня у кыргызов. //Изучение древнего и средневекового Кыргызстана. - Б.: Мурас, 1998. - С. 41.

употребляют во время праздника Нооруз[1]. Не все умели по настоящему варить «бат», процесс приготовления его длился 13-14, а то и 15-16 часов. Способ приготовления и время варки соответствует сумаляку. «Бат» по вкусу слаще пшеничного солода, употребляемого для изготовления ритуального праздничного блюда («сумалак»)[2]. Кто не мог готовить «бат», то варили «бадж» (вернее - «боч») - крупу пшеницы с мясом[3]. Интересно отметить, что «боч» напоминает кыргызские ритуальные блюда «чоң көжө» и «көчө».

Праздник весны, сходный Ноорузу, проводили в феврале и марте жители гильгита, горных селений Гиндукуша. «Праздник начинался трапезой в каждом доме, во время которой помимо мяса, взятого из запасов, сделанных еще по поводу праздника ноз (кострец или курдюк овцы), ели сладкое блюдо, приготовленное из пророщенной (т. е. подвергшейся соложению) пшеницы[4]. Во время исполнявшегося вслед за этим танца пели песню, в которой содержалась просьба о богатстве и изобилии на будущий год.[5]

Мы коснулись ритуального блюда таджиков «бат» и гильгитского праздничного блюда потому, что эти блюда имеют близкие сходства с ритуальными блюдами кыргызов, приготавливаемые на праздник Нооруз, прежде всего с «сумаляком». Как и «бат», «сумаляк» варят из зерен пшеницы и муки, разница в том, что для «сумаляка» используется проросшее зерно пшеницы - солод, а гильгитское праздничное блюдо тоже готовят из солода; в «сумаляк», тоже как и в «бат», сок выжатого солода и муку добавляют понемногу и беспрерывно помешивают и варят, как и «бат», в течение 13-14 часов. Как и «бат», и гильгитское ритуальное блюдо, «сумаляк» блюдо сладкое[6]. Приготовление «сумаляка» носит ритуальный характер: присутствуют родственники, друзья, соседи этой семьи, почтенные люди дают советы молодым, благословения в новом году. Читаются молитвы по духу умерших предков, просят от них и высших сил обилие дождя, речных вод и размножения скота. Молодежь обычно веселится, устраивают игры, приносят в жертву животное, мясо которого съдается всеми сообща[7].

Каковы причины происхождения ритуальных блюд? Ответы кроются в легендах о ритуальных блюдах и в многочисленных обрядах, связанных с культом умирающей и воскресающей природы, которые характерны для весеннего периода года. Вышеприведенная легенда китайских кыргызов о приготовлении «көжө» к Ноорузу показывает, что кушанье «көжө» варили из пшеницы без размола из-за остановки мукомольных мельниц. Но в легенде ясно прослеживается мысль о том, что такое жидкое блюдо кыргызы вынуждены были готовить из-за холодной и продолжительной зимы, с запоздалой весной, в результате которых наступали тяжелые времена.

---

[1] *Мухуддинов И.* Указ. соч., с. 48-49.
[2] Там же, с. 49.
[3] Там же, с. 48.
[4] *Йеттмар К.* Религия Гиндукуша. - М., 1986. - С. 279.
[5] *Йеттмар К.* Указ. раб., с. 279.
[6] *Асанканов А., Малтаев К.* Указ. раб., с.41.
[7] Там же.

Причину приготовления «сумаляка», как показали наши личные наблюдения и опросы, объясняют нехваткой продуктов питания в конце зимы и в начале весны. Но повествуется это в сакрализованном виде, связывая появление «сумаляка» с именем бога, пророков, святых и т. д.[1].

Знаменитый Бируни тоже приводит легенду о появлении жидкого ритуального блюда из пшеницы. «Менучихра и жителей Ираншахра поразила в эту осаду нужда (легенда о захвате Афрасиаб у указанных городов - авт.), и они не могли молоть пшеницу и печь хлеб вследствие запоздания срока (всходов пшеницы). В конце концов они стали молоть незрелую пшеницу и плоды, которые еще не поспели, и варить в этот день (т. е. Нооруза - авт.) пшеницу и стало обычаем»[2].

Итак, во всех приведенных нами легендах без исключения, происхождение ритуальных блюд к празднику Нооруз связывают с уменьшением до крайностей имеющихся запасов продовольствия в связи с затягиванием наступления весны или засухой, и, готовя еду, люди просили бога(ов), пророков, святых, духов умерших предков дать дождя, обилие поливной воды, богатый урожай, тучность пастбищ, размножения домашнего скота, целости и сохранности их, а также людей, мира и счастья в наступившем новом году.

В дни Нооруза, во время приготовления ритуальных блюд, кыргызы совершали жертвоприношения животных духам предков[3], в которых проявляется связь Нового года с культом плодородия у кочевников-скотоводов. Да и добавление в чоң-көжо мяса говорит о том, что здесь проявляется культ животных.

Такой ритуал характерен был и для казахов. «В новогодний день вспоминали духов предков: состоятельные люди совершали жертвоприношение животными, причем резали самцов- производителей»[4].

Таким образом, происхождения ритуальных блюд к празднику Нооруз связаны с окончанием зимы и началом весны, которого кыргызы называют «жыл айрылыш» или «жылдын ажырашы» - «разрыв между периодами года», «раздвоение», когда иссякают или уменьшаются запасы продуктов питания до крайностей, истощаются животные, снижается жизнеспособность людей. Поэтому это время года кыргызы называют «үзүмчүлүк» - «крайняя нужда в продуктах питания» (ранней весной); «сүт үзүмчүлүгү» - нужда в молоке, большой недостаток молока; жаңыдан жаз келип, кысымчылык күчөп, үзүмчүлүк болуп турган - только наступила весна, обострилась нужда в продуктах питания»[5].

Наше утверждение подтверждает еще один факт, связанный с приготовлением ритуальных блюд из злаков (пшеницы) и мяса, а также обряды, совершаемые во время приготовления и употребления этих блюд. К Йеттмар, описывая и анализируя праздники, предшествующие наступлению весны у некоторых народов Гиндукуша (носителей языков шина и бурушаски), отмечает следующее. Праздники весны, в Гильгите приходилось на февраль и март. Один из праздни-

---

[1] Полевая запись 1997 г. Тетрадь № 2; Полевая запись 1998 г. - Тетрадь № 3. (Запись велась Малтаевым К. Ж.)

[2] *Бируни А. Р.* Памяти минувших поколений... - С. 231.

[3] *Асанканов А., Малтаев К.* Указ. раб., с. 41.

[4] *Кармышева Дж. Х.* Указ. раб., с 52.

[5] *Юдахин К. К.* КРС. Кн. 2. - С. 318.

ков назывался «бозоно» или «схино бозоно». «Бозоно» значит «худоба» или же «весна», т. е. тот период, когда скот, особенно крупнорогатый и овцы, страдают от нехватки корма.

Все вышеприведенные факты говорят о том, что нужда, думы об урожае, размножения животных, благополучие в новом году толкало людей совершать магические действия или воздействия по отношению к силам природы.

Ритуальные блюда готовили по специальному рецепту (проращивали зерна заранее, чтобы получилось сладкое, а значит богоугодное блюдо), комбинируя и выгодно сочетая качества разных продуктов, применяя особую технологию варки (опуская в котел компоненты блюда понемногу, порциями, помешивали беспрерывно, варили на жару продолжительное время).

Таким образом, все обряды праздника Нооруз, включая ритуальные блюда, вытекает из культа плодородия, который является выражением культа умирающей и воскресающей природы. Помимо «пассивных» магических действий и воздействий на природу, которые выражались в просьбах, молениях, люди совершали и «активные» магические действия на природу: совершали ритуальные гадания о том, будет ли год урожайным или неурожайным, т. е. совершали ритуальные действия, направленные на активизацию производительных сил природы.

Е. Е. Кузьмина кроме гадания по проросшим зернам семи злаков, перечисляет и другие формы гаданий судьбы Нового года[1]. Гадания о судьбах Нового года сопровождались в Куче боями баранов, коней и верблюдов, в Фергане - ритуальными боями двух групп старейшин до первого убитого, повсеместно проводились козлодрание и спортивные игры, которые можно рассматривать как новогоднюю мистерию, воспроизводящую космическую дуэль предшествовавшую Ноорузу. Значение этих состязаний то же, что олимпийские игры в Греции и бой гладиаторов в Риме, также приуроченных к новогодним весенним торжествам[2].

Для кыргызов издревле были характерны вышеназванные состязания. Уникальный факт в этом отношении зафиксирован и в китайских источниках. «Из зрелищ употребительны: верблюд и лев обученные, вольтижирование на лошадях и балансирование на веревке», или: «на больших собраниях бывают еще игры: бег верблюдов, львов, конские упражнения и пр.»[3]. Говоря о «конском вольтижировании» или «конских упражнениях», китайские источники зафиксировали скачки иноходцев - «жорго салыш», широко практикуемые кыргызами в прошлом[4] и сейчас[5].

Уникальность этих фактов состоит в том, что они прямо указывают на занятие кыргызов земледелием. Здесь речь идет об обрядах древних кыргызов,

---

[1] *Кузьмина Е. Е.* Сцена терзания в искусстве саков. //Этнография и археология Средней Азии. - М., 1979. - С. 79-81.

[2] Там же, с.80.

[3] *Бичурин А. Н.* Указ. раб., с.6; Кюнер Н. В. Указ. раб., с.17.

[4] *Айтмамбетов Д.* Культура кыргызского народа во второй половине XIX - начале XX века. - Фрунзе: Илим, 1967. - С. 164.

[5] *Анаркулов Х.* Кыргыз эл оюндары (Кыргызские народные игры). На кырг. языке. - Бишкек, 1991. - С. 187-189.

живущих на востоке и северо-востоке Тянь-Шаня, в Таримском бассейне Восточного Туркестана, включая районы современного г. Куча. «Локализация района обитания гяньгуней (древние кыргызы - авторы) в конце 1 тыс. до н. э. - первой половине 1 тыс. н.э. в Восточном Туркестане севернее Тянь-Шаня даст основание для поиска памятников их культуры в материалах археологии Синьцзяна (рис. 1.)», - заключает известный современный кыргызовед Ю. С. Худяков[1].

Известный кыргызский тюрколог-востоковед Т. Чороев считает, что в III-I в. в. до н.э. «древние кыргызы обитали на северо-востоке Тенгир-Тоо»[2]. Живя здесь, кыргызы издревле занимались земледелием и у них вырабатывались обряды и ритуалы, связанные с культом умирающей и воскресающей природы, гадание будущего Нового года, проводя бега верблюдов, львов или бой последних, скачки иноходцев. Это подтверждается легендой китайских кыргызов о появлении ритуального блюда «көжө» в связи с праздником Нооруз, и этой легенде точно соотвествует вышеприведенное сообщение Ал-Идриси (см. выше).

У кыргызов существовали еще многие виды состязаний, спортивных игр, связанные с гаданием судьбы Нового года во время Нооруза, Кроме указанных в китайских источниках, сюда относятся: 1) конные состязания: скачки, козлодрание (көк бөрү), эр сайыш (поединок богатырей с копьем), жамбы атмай (стрельба из лука по высоко висячей мишени - жамбы) и «кыз куумай» - «догони девушку»; 2) ритуальная борьба пеших: күрөш (борьба силачей); «атала баш» («игра в кашу», букв. «кашная голова»), «өпкө чабыш» («бой плешивых» или «бой с легким»)[3].

К этому же кругу обрядов относятся различные увеселительные игры, включая эротического характера, выражающие культ плодородия и связанные с ним культ плодовитости. К ним относятся: «жолук таштама» (букв. бросание платка), «селкинчек», «алты бакан» - игра в качели. Бесспорно сюда же относится эротическое зрелище «төө чечмей» - «развязывание верблюда нагипом»[4].

К Ноорузу, т.е. к празднику умирающей и воскресающей природы, относятся праздник цветов. У кыргызов существует байчечекей майрамы - праздник подснежника. В этом отношении является уникальным явлением существование цветника[5] в г. Оше, по берегам р. Ак-Бура, где росли, по словам Бабура,

---

[1] *Худяков Ю. С.* Кыргызы на просторах Азии. - Бишкек, 1995. - С. 49.

[2] *Чороев Т.* Тенир-Тоо (Притяньшанье), как регион этногенеза кыргызского народа. //Происхождение кыргызов. Тезизы международной научной конференции, посвященной 1000-летию эпоса «Манас», 22-24-сентября 1994 г. - Бишкек: Кыргызстан, 1995. - С.15.

[3] *Айтмамбетов Д.* Указ. раб., с. 172.

[4] Там же, с. 171.

[5] *Бартольд В. В.* Фергана. Статьи из «Энциклопедии ислама». - Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. - Бишкек, 1996. - С. 362.

фиалки, тюльпаны и розы[1]. Праздник цветов в Средней Азии имеет древние корни и связан с земледельческо - аграрным культом[2].

Как было указано выше, Хы Жихон связывает возникновение праздника Нооруз у кыргызов с их религиозными верованиями, с огнепоклонничеством у кыргызов, и это действительно подтверждается многими фактами. Одним из главных обрядов Нооруза было разжигание костра с целью ритуального очищения от скверны прошлого. «Разжигали костры, мужчины и дети прыгали через них, дымом от горящей арчи окуривали людей и скот»[3]. По этому поводу сам Хы Жихон пишет: «Во время Нооруза кыргызы разжигали костер, перепрыгивали через них, очищали благовонным воскурением, — три раза покружив вокруг голов членов семьи, домашнего скота, совершали круиз вокруг двора и таким образом очищали от скверны»[4]. Об использовании огня в целях очищения во время праздника Нооруз у китайских кыргызов пишут Үсөйүн Ажы и Мамбетказы Эминалы[5].

Итак, все вышеназванные факты бесспорно доказывают, что праздник Нооруз и его обряды занимают особое место в истории и культуре кыргызов и Кыргызстана. Праздник Нооруз и связанные с ним обряды доказывают, что кыргызы земледелием занимались с древнейших времен, а традиции земледелия в Кыргызстане возникли в степях Кыргызстана в андроновское время. В конце бронзового - начале железного веков на юге Кыргызстана возникла и развивалась высокоразвитая протогородская оседлоземледельческая чустская культура[6]. Здесь оседлоземледельческая культура развивалась в последующие времена беспрерывно, до наших дней. Есть археологические доказательства занятия енисейских кыргызов земледелием[7].

Кыргызы и древнее население Кыргызстана занимались в основном скотоводством, которое развивалось до последнего времени.

Как и у любого народа производственно-трудовая деятельность кыргызов сопровождалось магическим воздействием на развитие производительных сил. Такие воздействия видный этнограф О. А. Сухарева выразила так: «Все они были определены важнейшей для человеческого рода задачей - производством средств к существованию. Этой задачей были порождены не только рациональные способы обеспечения плодов земных, но и идеи, которые на ранних ступе-

---

[1] *Бабур Захириддин Мухаммед.* Бабур. - С.18.

[2] *Сухарева О. А.* Празднества цветов у равнинных таджиков (конец XIX - начало XX в. в.). //Древние обряды. - С. 3-46.

[3] *Абрамзон С. М.* Указ. раб., с.290.

[4] *Жихон Хы.* Указ. раб., с.583.

[5] *Үсөйүн Ажы.* Кыргыз элинин диний ишеними жана салт санаасы жөнүндө.//Кыргыздар IV. - С. 566; *Мамбетказы Э.* Там же.

[6] *Заднепровский Ю. А.* Древнеземледельческая культура Ферганы. - М.-Л., 1962. МИА № 11; *Он же:* Ошское поселение: к истории Ферганы в эпоху поздней бронзы. - Бишкек: Мурас, 1997.; История Киргизской ССР. - В 5-ти т.т. - Т. 1. - Фрунзе, 1984.

[7] *Худяков Ю. С.* Указ. раб., с 104-112.

нях культуры принимали форму религиозных представлений и магических ритуалов»[1].

Как показано выше, религиозные культы кыргызов, а именно Нооруз и его обряды позволяют решить вопросы этнической атрибуции и выявить историко-культурные связи кыргызов с другими тюркоязычными и ираноязычными народами Центральной и Средней Азии.

Кененсариев Т. (Ош)

Түрк элдеринин дүйнө тарыхындагы ордун изилдөөгө карата

Азыркы руханий кайра жаралуу доорундагы тарыхнааманын бирден-бир милдети — элибиздин өтмүшүндөгү актуалдуу маселелерди кайра карап, алар жөнүндөгү жаңы көз караштарды коомчулукка жеткирүү болуп саналат. Ошондой маселелердин бири — Евразия континентиндеги саясий өнүгүүгө кеминде эки миң жыл бою таасир эткен түрк элдеринин дүйнөлүк цивилизациядагы орду болуп эсептелет.

Түрк элдери ата-бабаларыбыз хуннулардан баштап, кийинчерээк Ыраакы Чыгыштан Дунайга чейинки Улуу Талааны жердеген, кеминде 3 миң жылдык тарыхы бар Евроазия континентиндеги бирден-бир чоң, түптүү элдердин жамаатын түзөт. Алар бүтүндүй антикалык доордогу жана орто кылымдардагы саясий окуялардын башында туруп, Улуу Талаанын жана анын атрабдарынын саясий картасын каалаганындай өзгөртө алышкан, тарыхый прогресске олуттуу салым кошушкан.

Азыркы түрк элдери XXI кылымдын босогосунда туруу менен технологиялык цивилизациянын чыныгы жолуна түштү. Түрк мамлекеттери өзүнүн геосаяттык жайланышы боюнча батыш инвесторлорун аябай кызыктырууда. Ошондуктан түрктөр жана алардын өтмүшү түрдүү изилдөөлөрдүн объектиси болууда. Демек, түрк тарыхын изилдөө, алардын дүйнө цивилизациясындагы ордун тактоо — азыркы түрк тарыхнаамасынын бирден-бир максаты болуп саналып, аны ишке ашыруу илимде гана эмес, агартуу, тарбиялоо жаатында да зор мааниси бар маселе экендиги чындык.

Бул жагдайдагы изилдөө ишинин илимий жаңылыгы болуп Элдердин Улуу Көчү жөнүндөгү калыптанып калган теорияны кайрадан карап чыгуу эсептелет. Себеби, бул проблема түрк элдеринин калыптанусу, өнүгүүсү жана алардын дүйнөлүк аренага чыгуусу менен тыгыз байланышта. Улуу Көч жараянын (процессин) ушул мезгилге чейинки тарыхнаама бир жактуу карап келген. Европа тарыхчылары аны 375-жылы гунндардын остготторго чабуул коюусунан баштап, 476-жылы Рим империясынын кулашына чейин

---

[1] *Сухарева О. А.* Указ. раб., с. 45.

жеткиришет да, негизинен герман, скандинавия, славян жана башка элдердин массалык жер которуусу менен түшүндүрүшөт. Биздин оюбузча маселени мындай чечүү жетишсиз. Себеби, гуннлардын Чыгыш Европага келишине Улуу Талаадагы Улуу Көч түрткү болгон. V кылымдагы элдердин жер которуусу менен Улуу Көч токтоп калбады, ал VI кылымда түрктөрдүн, XII кылымда монголдордун согушчан жер которуулары менен коштолду. Болжол менен XIV-XV кылымдарда гана Евразия мейкиндигиндеги элдердин жана өлкөлөрдүн азыркы этносаясий жайгашышы аяктады.

Биздин пикирибизче Улуу Көч процессин кеңири жана глобалдуу кароо зарыл. Биринчиден, анын хронологиялык рамкасы V кылымды гана камтыбастан, дээрлик 15 кылымды камтыган узак процесс. Экинчиден, Улуу Көчтү баштоочулар түрки-монгол элдери болуп, процесске алардан башка фарси элдеринин өкүлдөрү, германдар, славяндар жана скандинавиялыктар катышышкан.

Түрк элдеринин дүйнө тарыхындагы ордун изилдөөнүн негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелүүгө тийиш:

Комплекстүүлүк. Түрк элдеринин тарыхы, маданияты, менталитети жана дүйнө цивилизациясына кошкон салымы комплекстүү каралып, өзгөчө алардын тарыхтагы ордун аныктоодо саясий процесстерге көңүлдү олуттуу буруу зарыл.

Материализм. Улуу Көч жана түрк тарыхы дүйнө тарыхынын өнүгүү мыйзам ченемдерине баш ийип, ал өндүргүч күчтөр менен өндүрүш мамилелеринин айкалышынын жыйынтыгы катары каралуусу абзел. Анын үстүнө элдердин жер которуусунун негизги себептерине алардын этнодемографиялык кырдаалынын чыңалышы, мурунтан жашап жаткан ландшафтык чөйрөнүн өзгөрүшүнө жана ушуга байланыштуу мында жашоонун мүмкүн болбой калышына, ошондуктан башка ыңгайлуу ландшафты күч менен тартып алууга болгон аракети кирет. Бул себептерге Евразия континентинде мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу муссондук доорлор жана Улуу Талаадагы кургакчылык да кошулат. Аталган материалисттик шарттар Элдердин Улуу Көч процессинин, анын ичинде түрктөрдүн да Улуу Талаада жер которуусунун негизинде жатат.

Диалектика. Евразия ааламында жүргөн Улуу Көч процессинин түрдүү чагылыштарынын, элементтеринин өз ара байланыштуулугу, өз ара шартталашы жана диалектикалык биримдикте өнүгүшү. Европа аалымдары Улуу Көчтү тек гана Европа чөлкөмүндө герман жана башка бир нече уруулардын катышышы менен гана жүргөн кубулуш, ал эми анын хрологиялык чеги 120 жыл болгон деп түшүндүрүшөт. Бирок, Улуу Көчтү тереңдеп изилдеп келгенде анын жүрүү чөлкөмү бүтүндөй Евразия континентин камтып, ал эми хрологиялык чектери 1500 жылды кучагына алышы дайын болууда. Бул жараяндын катышуучулары герман уруулары менен гана чектелбестен, ага индоевропалык, алтайлык, угро-финдик тилде сүйлөшүшкөн көптөгөн азиялык, европалык көчмөндөр катышышкан. Улуу Көч жараяа-

нынын дүйнө тарыхындагы чагылышы Евразия мейкиндигиндеги жер коруунун динамикасында, этносаясий кырдаалдын түп-тамырынан бери өзгөрүлүшүндө көрүнгөн. Улуу Талаадагы түрдүү саясий, экономикалык, чарбалык жана башка өзгөрүүлөр эртели-кеч Евразия тургундарынын жашоосуна олуттуу таасирин тийгизип турган.

Изилдөөнүн методологиялык зарыл принциптери болуп ***объективдүүлүк, историзм*** жана ***конкреттүүлүк*** дагы кириши тийиш. Элдердин Улуу Көчү доорунун бардык окуяларынын тарыхый тамырлары, күрдөөлдүү өнүгүшү жана натыйжалары болгон. Ал кубулуштардын баары конкреттүү кыртышта өнүгүп, Улуу Көч жараянынын тарыхый окуялары **себеп-натыйжа чынжыры** катары мыйзам-ченем менен өнүгүп олтурган.

Улуу Көчтү изилдөөдө **салыштырмалуу объективдүүлүк** зарыл нерсе. Аны абсолюттук объективдүү изилдөөгө мүмкүн эмес. Ошондой болсо да "абсолюттук чындык болбойт, чындыктын баары салыштырмалуу" деген улуу аалымдардын методологиялык принцибине таянуу менен иш алып баруу абзел. Изилдөөнөн башкы максаты — объективдүүлүккө улам жакындай берүү менен Улуу Көчтүн тарыхый чагылышын колдон келишинче туура аныктап, анын негизинде түрк элдеринин дүйнө тарыхындагы улуу ордун көрсөтүү болуп саналат.

Түрк элдеринин дүйнө цивилизациясындагы ордун изилдөөдө ага колдонулган изилдөө ыкмалары да чоң ролго ээ. Алар төмөнкүлөр болушу ыктымал:

1. ***Тарыхый-генетикалык.*** Улуу Көч доорундагы тарыхый окуялар кокустук болгон эмес. Алар туруктуу мийзам ченемдүүлүккө баш ийишкен. Ошондуктан изилдүү мезгилинде окуялардын, фктылардын келип чыгыш тамырын (генетикасын) аныктап алуу зарыл нерсе. Мисалы, европалык аалымдар биздин эранын 375-жылы гунндардын герман урууларына каршы ири масштабдуу согуштук жүрүштөрдү уюштурушунун түпкү себебине эмне үчүндүр көңүл бөлүшпөйт, атүгүл атайылап айтышпайт. Ал эми чынында бул маселеге үнүлүп киришсек, анын келип чыгышынын тарыхый тамыры Евразия континентинде глобалдуу жер которулууларга алып келген Улуу Көч жараянына байланыштуу экендиги дайын болот.

2. ***Тарыхый-салыштырмалуу.*** Тарых илиминде тарыхый параллелдерди өз ара салыштыруу ар дайым туура жыйынтыктарга алып келери дайын. Теманы изилдөөдө Евразия континентинде болуп өткөн бир типтүү окуяларды салыштыруу зарыл. Чынында алардын көпчүлүгү бирдей өбөлгөлөргө, тамырга ээ жана алар Улуу Көчтүн мийзам ченемдерине жооп берип турат. Европалыктар — германдар, азиялыктар — гунндар жана түрктөр окшош жолдор менен өнүгүп, алардын Улуу Көч жараянындагы ишмердигинин мотивдери да бирдей. Ошонун натыйжасында элдердин аталган эки тобунун тең дүйнө цивилизациясына кошкон салымдары идентивдүү.

3. ***Ретроспективдүү.*** Аталган озгочо ыкманын натыйжасында азыркы жана жакынкы биз билген, бизге тааныш этникалык, лингвистикалык жана башка маалыматтардын негизинде түрк элдеринин дүйнө тарыхына кошкон салымдарынын бир топ талаш жерлерин тактоого, кай бир кем жерлерин бүтөөгө болот.

Ошентип, түрк тарыхын изилдөөнүн негизги илимий жобосу төмөнкү маселе. Түрктөрдүн дүйнө тарыхындагы ролун жана алардын дүйнө цивилизациясындагы салымын көргөзүү Улуу Көч жараянын изилдөөдөн гана аткарылышы мүмкүн. Себеби, азыркы түрк тилдүү элдердин ата-бабалары болушкан хуннулардан баштап б.з. XIII кылымындагы түркө-монголдорго чейин элдердин жер которуусунун Азиядан Европага багытталган түгөнбөгөн толкундары болуп турду. Бул 1500 жылдык тарыхый жараянда бүтүндөй элдер жана маданияттар пайда болуп, алардын бир далайы жок болуп да кетти. Көптөгөн тарыхый, маданий салт-санаалар бири-биринен таасир алып, экономика, соода өнүктү, евразиялык континенттин этносаясий облиги өзгөрдү.

Аталган проблеманы изилдөодө анын традициялуу тарыхнаамасын башкача кароого туура келет. Биз жогор жакта токтолгондой XVIII-XIX кылымдардагы европа ориенталистеринин жана тарыхчыларынын пикирине негизделген тарыхнаама Улуу Көч доорунун жараянын б.э. IV-VI кылымдардын чегинде батыш Европага тарап кетишкен герман урууларына гана байланыштыргандыгы маалым. Алар жер которуу 375-жылы остготторго (чыгыш герман урууларына) "гунн" деп аталышкан урууларын кол салуусунан башталат деп айтышканы менен, бул белгисиз урууларын эмне үчүн германдарга кол салышкандыгы, алардын кайдан келгендиги жөнүндө ооз ачышпайт. Бул жерде тарыхый логиканын эң негизги методологиялык принциптеринин жана изилдөө ыкмасынын ирилеринен болгон историзм принциби менен тарыхый-генетикалык ыкма колдонулбай калган. Чынчынына келгенде бул маселеге мындай мамиле антитарыхтык көз караш болуп саналышы абзел. Ошентип, Евразия континентинин тарыхый тагдырына глобалдуу таасир берген кеминде бир жарым миң жылдык тарыхый жараяндын комплекстүү изилденбегендиги жана аны кайрадан карап чыгуу азыркы тарыхнааманын, анын ичинде түрк тилдүү изилдөөчүлөрдүн негизги милдеттеринин бири болору талашсыз.

Элдердин Улуу Көчү татаал жана көп кырдуу болуп, анын жүрүшү узак убакытты камтыган. Улуу Талаадагы Улуу Көчтүн ар бир толкунун баштоочулар алгач түркий элдердин ата-бабалары хуннулар же гунндар, кийин түрктөр, ал эми үчүнчүсү түркө-монгол урууларын болгондугуна байланыштуу бул процессти тарыхый-хронологиялык жана мейкиндик чектеринде төмөнкү үч чоң доорго бөлүп кароо абзел.

1. Улуу Көчтүн биринчи хунн доору - б.э.ч. III кылымдан б.э. V кылымына чейин созулуп, ал кеминде 700 жылды камтыйт. Биздин заманга чейинки IX кылымда эле түптөлгөн хунну эли III кылымдарда Байкөлдөн

Жети-Сууга чейинки Улуу Талаага кожоюндук кылышып, б.з.ч. 209-жылы бийликке келген Модэ Шаньюйдун (Мете хана, Огуз каган, Өгүз каган, Түрк ата) тушунда укмуштуудай согуштук-саясий бийиктикке жеткен. Алар тез аранын ичинде эле Түштүк Сибирь, Монголия, Түндүк Кытай жерлерин каратып, анда мекендеген түрдүү элдерди бириктирген жана түрк элдеринин байыркы улуу державасын түзүшкөн. Хуннулар Кытай императорлорунун үшүн алып, аларга салык салган, дүйнөнүн жети укмушунун бири болгон Улуу Кытай сепилин тургузууга мажбурлаган. Бирок хуннулар биздин замандын II кылымында монгол элдеринин ата-бабалары сяньбилерден катуу сокку жеп, батышты карай жер которгон. Бул жараянда алар үч багытка жүрүшкөн. Биринчи бөлүгү Кытайдын Ордос чөлкөмүнө, экинчилери Борбордук Азияга, ал эми "азоолор" же "хара хуннулар" деп аталышкан үчүнчүлөрү түз эле Батышты карай жөнөшкөн. Акыркы хуннулар б.з. III-IV кылымдарында Урал чөлкөмүндө угро-финн уруулары менен метисацияга кирип "гунн" аталышкан жана 375-жылы герман элдеринин ата-бабалары болушкан остготторго кол салышкан. Ошентип Элдердин Улуу Көчү Европа мейкиндигинде уланган.

V кылымдын башында Волга (ал кезде Эдил) дарыясынан Дунайга чейинки чөлкөмдө кубаттуу Гунн державасы түзүлгөн. Европадагы бул түрк тилдүү мамлекет Аттиланын (Эдил хандын) тушунда аябагандай күч алган. Кылымдын аягына чейин герман уруулярын баштаган гунндар Рим империясына тынымсыз коркунуч туудуруп, атүгүл "Түбөлүк Борбор" Рим шаарын бир нече жолу камоого жетишкен. Гунндардын жардамы менен герман, алардын шарына кошулган галл, франк, брит, англ уруулары Европа мейкиндигине, британ аралдарына жайланышып, бир нече мамлекеттерди түзүшкөн. Натыйжада француздар, немецтер, англичандар сыяктуу элдердин калыптануусуна ыңгайлуу өбөлгөлөр пайда болгон. Бул жараян 476-жылы Рим империясынын кулашы менен жаңы баскычка котөрүлгөн. Демек, Рим империясынын кулашына герман уруулары эмес, гунндар башкы ролду ойногон десек жаңылышпайбыз. Ошентип, биздин заманга чейинки III кылымдан биздин замандын V кылымынын ортосуна чейин Борбордук Азия, Туран ойдуңу, Эдил бою, байыркы Скифия, Дунай бассейни жана Паннония гунндардын мекени болуп турду.

Хунну же гунн доорунун негизги коомдук-саясий жыйынтыктары болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

а) Улуу Талаа менен ага чектеш жаткан цивилизациялуу региондордогу (Кытай, Индия, Борбордук Азия жана башка) саясий картасынын өзгөрүшү;

б) Борбордук Азияда түрктөшүү процессинин башталышы;

в) Гунндардын чабуулунун натыйжасында герман уруулярынын Европанын батышын эзелеп алуусу, Рим империясынын кулашы, Батыш Европада жаңы мамлекеттик түзүлүштөрдүн пайда болушу;

г) Евроазия континентинде коомдук мамилелердин андан ары өнүгүшүнө (марксисттик тил менен айтканда феодалдык коомдук формациянын) ынгайлуу шарттардын түзүлүшү;

д) Жаңы этномаданий жамааттардын калыптанышы, сооданын өнүгүшү, салт-санаанын, идеологиянын жана руханий баалуулуктардын таралышы.

2. Улуу Көчтүн 600 жылды камтыган экинчи түрк доору - б.э. VI-XII кылымдары. "Түрк" деп аталган этнонимди алып жүрүүчү түбү хуннулардын ашина уруусунан келип чыккан түрктөр 552-жылы "Түрк каганаты" аталган күчтүү мамлекет түзүп, тарыхый аренага чагылгандай тез чыкты. Кылымдын аяккы чейрегинде ошол мезгилдеги Евроазиянын ири мамлекеттеринин (Византиянын, Кытайдын жана Ирандын) төртүнчүсү болуп калды да, Византия менен 567-69-жылдары дипломатиялык алакага кирип (Маниях, Киликиялык Земарх), ийгиликтүү согуштук аракеттердин натыйжасында түрк-ашина династиясынын урпактары IX кылымдарга чейин Байкөлдөн Дунайга чейинки Улуу Талааны кайрадан ээледи. Түрк таасири Түштүк Сибирде, Монголияда, Түндүк Кытайда, Орто Азияда, Түндүк Кавказ менен Кара-Деңиздин түндүк жээктеринде, Чыгыш Европада ийгиликтүү үстөмдүк кылып калды. Кийинки X-XII кылымдарда бирде жеңип, бирде жеңилүү менен түрктөр өз таасирин батышта Балканга, батыш-түштүктө Кичи Азияга, түштүктө Иранга, Индияга, Тибетке жана Кытайга, чыгышта Сака жерине чейин таратты. Натыйжада Улуу Көчтүн экинчи толкунун баштоочулар болгон түрктөр төмөнкүлөргө жетишти:

а) Борбордук Азияда, Улуу Талаада, түштүк Сибирде түрктөшүү процесси аяктады;

б) Евразия мейкиндигинин руханий феноменинин бири болгон түрк жазуусу пайда болду жана анын уникалдуу эстеликтери бизге жетти;

в) Биздин замандын VI кылымынан баштап күчүнө кирген орто кылымдык коомдук-экономикалык мамилелер улам өнүгүп, түрк элдери, айрыкча Борбордук Азиядагы элдер X-XII кылымдардын чегинде ошол кездеги дүйнөлүк цивилизациянын алдыңкы чегине жетти. Түрк, перс, жана араб экономикалык, саясий, социалдык жана руханий жетишкендиктерин өзүнө сиңирип, синкреттик супер этномаданий жамаатты түзгөн Түркстан калкы орто кылымдардагы дүйнөлүк маданияттын жана илимдин Авиценна, Омар Хайям, Беруни, Фараби, Хорезми, Баласагуни, Кашгари, ал-Оши сыяктуу алптарын жаратты;

г) Евроазия континентинин саясий картасы түп тамырынан бери өзгөрүп, ар биринин өздөрүнө тийешелүү уникалдуу чарбалык жана руханий маданияты калыптанган Түрк, Кыргыз, Төргөш, Карлук, Уйгур, Карахандар, Авар, Хазар, Булгар, Кыпчак каганаттары, Хорезм, Газневиддер, Сельджук, Осмон мамлекеттери пайда болду жана өнүктү;

3. Улуу Көчтүн 200 жыл чамасында созулган үчүнчү түрки-монгол доору - XII-XV кылымдар. Бул мезгилде алгач Элюй Даши (Маназа Жолой) баш-

таган кидандар (кытайлар, хара хитайлар), кийин наймандар, ал эми XIII кылымдын биринчи чейрегинде кадимки Чыңгыз хан (Темучжин) баштаган түркө-монголдор чыгышы Тынч океандан батышы Адриат деңизине чейинки Улуу Талааны кайрадан ээлеп алышты. Бул доор мурунку эки доордон айырмаланып, талкалоочу мүнөзгө ээ болгон. Бирок, бул тарыхый катаклизмдин өз логикасы бар эле. Себеби, "талкалануу өнүгүүнүн башталышы" болгон сыяктуу түрдүү маданияттагы жана тарыхый өнүгүү деңгээлиндеги элдердин жер которуусу, алардын карым-катнаштарынын активдештирилиши тарыхый прогрессти тездеткен. Натыйжада экинчи доордун төмөнкү жыйынтыктары келип чыкты:

а) Улуу Талаанын саясий картасы кайрадан өзгөрүп, Чыңгыз династиясы бийлеген Улуу монгол империясы, Алтын, Көк жана Ак ордо мамлекеттери, Тимуриддердин мамлекети, Сибирь, Казань, Аштархан, Крым хандыктары пайда болду;

б) Бытыранды орус княздыктары биригип, борбордоштурулган Орус мамлекетинин өнүгүшү тездеди;

в) Түрк насилдеринин таасиринин арсалы кеңейип, Грек (Жунан) жерине чейин тарады, Кичи Азияда кеч орто доордун супердержавасынын бири болгон Осмон империясы түрк даңазасын алып, жүрүүчүлөрдүн негизгиси болуп калды;

г) Этникалык өнүгүү процесси аяктап, кыргыз, өзбек, казак, түркмөн, азер, татар, уйгур, каракалпак, башкыр, тофа, алтай, хакас, сака жана башка бир тууган түрк элдеринин жамааты калыптанды;

Сөзүбүздүн аягында төмөнкүлөрдү корутунду катары кошумча белгилөөгө туура келет. Улуу Көчтүн жүрүү жараянынын чектери Европаны гана камтыбастан, бүтүндөй Евразия континентин кучагына алган. Улуу Көчтүн ар бир толкунунун баштоочулары — түрк насилинин же түрк тилинде сүйлөгөн элдердин өкүлдөрү болушкан. Ал эми Улуу Көч жараянынын кыймылдаткыч күчтөрү жана аны аткаруучулар катары түрктөр жана түркө-монголдор (хуннулар жана гунндар, түрктөр, Улуу Түрк каганаты мезгилиндеги элдер жана түрк уруулары, кыргыздар жана уйгурлар, монгол-татар баскынчылыгында аракеттенишкен түрктөр жана түрк уруулары), герман уруулары, сактар, массагеттер, усундар, угро-фин тайпасындагы уруулар, Түндүк Кара-Деңиз жээктеринде жашаган уруулар (скифтер, сарматтар, аландар), славян уруулары, скандинавиялыктар болушкан.

Улуу Көчтүн ар бир доорунун саясий-экономикалык, социалдык жана руханий жыйынтыктарын терендеп жана комплекстүү изилдөө менен түрк элдеринин дүйнө цивилизациясындагы ургаалдуу ролун таасын байкоо кыйын эмес. Түрк элдеринин дүйнө тарыхындагы орду чынында эле эбегейсиз зор. Аталган саясий, этносаясий, экономикалык, социалдык, руханий жана илимий жетишкендиктерден тышкары, дүйнөлүк мааниси бар бүтүндөй бир ачылыштар: мисалы дөңгөлөк, боз үй, жылкычылык, ат жабдыктары, үзөнгү жана башкалар элдердин коомдук жана руханий

ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ.№ 787100

өнүгүүсүнө шумдуктуудай түрткү берген. Түрктөр түзгөн, калыптандырган жана өркүндөткөн мамлекеттик, саясий системалар, согуш өнөрү Евразия континентиндеги башка элдер тарабынан кабыл алынып, тарыхтын жүрүшүндө ушул убакка чейин сакталып келет. Мунун өзү түрктөрдүн жана түрк тилдүү элдердин дүйнө тарыхындагы жаркын ордун жана ролун көрсөтүүчү далилдүү факторлор болуп эсептелери бышык. Демек, түрк тарыхын Улуу Көч жараяны аркылуу изилдөө гана коюлган илимий максатты толук ишке ашырары бышык.

Кыяс Молдокасымов (Бишкек)

Кыргыз урууларынын араздашууларынын айрым себептери жана жагдайлары

Көп уруудан куралган кыргыз эли, түбү келип бир ата, бир энеден кошулат. Көчмөнчүлүк турмушта ар бир уруунун өз турагы, өз урааны, өз тамгасы, өз байрагы болуп, бирок душмандарына каршы бир ураандын, бир туунун алдында биригишкен. Кыргыз элинин ынтымагы ошол уруулардын мамилесине, жакындашуусуна жараша болгон. Ал эми ынтымагынын ыдырашы ошол уруулардын ортосундагы арздашуулардан болуп келген.

Кыргыз элинин өткөн тарыхына кайрылганда эл биримдигинин ыдырашына, уруулар ортосундагы кагылыштарга көпчүлүк учурларда бийликтеги теңсиздик, адилетсиздик с ебепкер болуптур. Уруу башчынын, манаптын өз уруусуна, тууганына өздөй мамиле кылып, өзгөчө өгөйлөтө көнүл бурушу экинчи тараптын таарынычын туудурган. Жайыттан, айдоодон, байлыктан же бийликтен кур калып калган экинчи тарап, намысына келип, колуна курал алып акыйкаттыкты талап кылган. Айрым учурларда ал алоолонгон согушка айланган. Эчендеген элдердин каны аккан. Канга - кан куну, жүрөгүндөгү кеги, бир атадан тараган кыргыздын эки уруусун узак жылдарга каршылаштырып салган.

Өткөн кылымдагы сарыбагыш менен бугунун чоң согушу Ормон хандын адилетсиздигинен болгону жалганбы? Ал канчалык акылман, кадырман болгону менен, качан хан көтөрүлгөндө калыстыгынан тайып, бийликке өз туугандарын, уруулаштарын гана тарткан. Аскер жетекчилигине өз туугандары Төрөгелди менен Алыбекти дайындаса, акылдашаарына жакындары Меңназар, Сергеян, Медербек, Жаманжээн, Шаменди көргөзөт. Чоң кеңешине Жантай Карабек уулун тандайт. Жигити катары Сазаны алат. Ошентип, бир нече уруунун жыйынга чакырып, өзүн хан көтөрүп, негизги бийлик орундарына сарыбагыштарды коёт. Ал жыйында солто, бугу жана башка уруулардын татыктуу өкүлдөрүнө бийлик тизгини тийбей калган. Бийлик тегиз бөлүнбөгөнүн көргөн солтонун баштыгы Жангарач Ормондун бийлигин таанығысы келбей, Кокон хандыгына жакын болуп кеткен. Ал эми бугунун баштыгы Боромбайды хан куда кылып, өзүнө тартканга аракет

кылса да, бийлике аралашпаган Боромбай таарынычын ичине катып, Балбай баатырдын аракетин тымызын колдоого алган. Баатырлыгы бааланбаган Балбай сыяктуу ар уруунун балбандары Төрөгелдини баштык катары санабаган. Мүмкүн Төрөгелдинин оруну Балбайга берилип, Боронбай менен Жангарач чоң кеңешчилике дайындалганда, Ормон хан бириктирген кыргыз ынтымагы бат эле ыдырамак эместир. Акыры бийликтеги адилетсиздик, ич ара тирешүү бугу менен сарыбагыш уруусунун чоң согушуна алып келген. Бул чоң согушка башка урууларды тартууга аракеттер жүргөн. Солтонун баштыгы Жангарачтын: "Бугу, сарыбагыш бир Кылжырдын баласы. Ажалы жеткен Ормон өлдү, канга кун жок, сарыбагыш урушпай журт болсун. Койбосо солто бугу менен сарыбагышка калыс турган, солто ал себептен согушка катыша албайт" — деген калыс сөзүнөн кийин, көпчүлүк уруулар бул согушка катышуудан баш тартышкан. Бул согуш эки тарапка тең оор жоготууларды алып келди. Андан сыртқары ыдырап бөлүнгөн элди Орусия империясы айлакерлик менен ээлеп алды.

Мындай кан төгүүлөр, карама-каршылыктар Кыргызстандын түштүгүндө да болуп келгени тарыхта маалым. Бирок, башкачараак мүнөздө болгон. Түштүктөгү кыргыз уруулары Кокон хандыгындагы миңбашылык, аталык, башкы увазирлик орундар үчүн көптөгөн күрөштөрдү баштарынан өткөрүшкөн. Алар жогорудагы бийлик орундарынан ажыраары менен наразычылыктарын билдиришип, мыйзамдуу хандарды тактысынан кууп, өзүлөрүнө жаккан мурасчыларды такка отургузуп, ордодогу таасирлерин орнотком. Ушул жол менен алар бийликтеги адилетсиздиктен арылышкан. Кокон хандыгындагы бийликтин тең салмактуулугун сактап туруу үчүн кыргыздардын биримдигинен улам, уруулар ортосундагы жаңжалдар аз болгон. 1862-жылдагы кыргыздын кыпчак уругунан чыккан Алымкул менен адигине уруусунун башчысы Алымбек датканын чатактары, Алымбек датканын өлүмү, Сарыбагыш-бугу сыяктуу эки уруунун карама-каршылыгын күчөтүп, чоң согушка алып келген эмес. Бул түштүктөгү кыргыз урууларынын өз ара мамилелеринин өзгөчөлүгүнүн, жашоонун жаңы нугуна түшкөндүгүн далилдөөчү тарыхый көрүнүш.

Бирок, ордодогу бийлик төбөлдөрү Алымбек датка менен Алымкул аталыктын өлүмүнөн кийин кыргыздардын арасынан баш көтөрөөр, бийлик талашаар эч кимиси жок деп ойлошкон. Ошол үчүн ордодогу таасирлүү орундарды кыргыздардан тартып алып, өз жакындарын отургузган. Кудаяр хан казынаны каалагандай чачып, элдин турмушун жакырланткан. Салыктын түрлөрүн көбөйтүп, казынаны салыктын күчү менен толтырууну көздөгөн. Чыдамы кеткен кыргыздар көтөрүлүп, Кудаяр хан бийликтен куулган. Ордодо өз таасирин жоготкон түштүк кыргыздары Исхак Молдону (Полот ханды) хан көтөрүшүп, бийликти биротоло ээлешкен. Бирок, Орусия империясыныын кыргыз урууларынын ички биримдигин ого бетер ыдыратуусу өзүнчө айтылуучу маселе.

Кыскасы бийлик талашуу, уруулардын ортосундагы жаңжалдар эл биримдигине дайыма залакасын тийгизип келди. Советтик доордо уруулук түзүлүш оозго алынбай, ага катуу көзөмөл коюлганы менен, тарыхый өнүгүүнүн жаңы баскычы - регион боюнча бөлүнүп жарылуу келип чыкты. Элдердин регионго карата бөлүнүшү да түбү келип эле бийликтегилерге, анын теңсиздигине, адилетсиздигине такалат. Бийликтеги адилетсиздиктин өзү социалдык теңсиздикти жаратаары бышык эмеспи. Анткени бийлик башындагылар өз көмөчүнө күл тартып, жалпы элдик байлыкты, сырттан келген карыздарды бөлүштүрүүдө калыстыктан тайып кетерин бүгүнкү турмуш өзү көргөзүп жатат. Регион боюнча бөлүнүү учурда жалгыз Кыргызстанда гана эмес, Борбордук Азия республикаларында да өкүм сүрүүдө. Айрым республикаларда, атап айтканда Кыргызстан, Казакстан, Түркмөнстанда региондук бөлүнүү уруулук бөлүнүү менен коштолууда. Айрыкча Кыргызстанда депутаттарды шайлоо мезгилинде, уруулук бөлүнүп-жарылууга дуушарланбаган аймак аз эле болду. Ал эми Түрмөстанда бийликти уруулар ортосунда бөлүштүрүү мыйзамдаштырылып да жатат. Теке уруусуна берилген артыкчылыктар буга дали л. Кээде бул кыргыздардын арасында да байкалып, бир урууну мактоо, экинчи урууну басынтуу, «хан тукумунан, манап тукумунан, бий тукумунан, болуш тукумунанбыз, аккан арыктан суу агат» деген сөздөр бийлик адамдарынын оозунан чыгып кетүүдө.

Ал эми кошуна Тажикстанда региондор ортосундагы бийлик бөлүштүрүүнүн теңсиздигинен улам, тажик элинин ынтымагы ыдырап, кан төгүүгө, кадимки согуш алып келди.

Кыргызстанда бийлик бөлүштүрүүнүн айрым оош-кыйыштарына, көмүскө аракеттерге карабай, коом стабилдүү өнүгүүдө. Аны келечекте өнүктүрүү, эл биримдигин өркүндөтүү мамлекеттик саясаттын орчундуу милдеттеринин бири болуп калуусу абзел.

Карагаев О.К. (Бишкек)

Жайчы, калча, маңгыт, каракуш, чагыр, ак терек этнонимдери (тарыхый-лингвистикалык иликтөө)

Фергана өрөөнү эзелтеден этникалык татаал процесстер жүргөн региондордун катарына кирет. Бул регион орто кылымдардын эрте мезгилдеринен иран, түрк, моңгол маданияттарынын жуурулушкан очокторунан болуп келгендиги маалым. Мындан сырткары, өрөөн аркылуу көчмөн жана отурукташкан маданияттардын чектери өткөндүгүн байкоого болот. «Орто Азиянын бермети» деп аталган бул өрөөн жана ага жамаатташ аймактарда кыргыздардын эл болуп калыптануу процессинин чечүүчү этаптары (албетте чыгыш Түркстан, Жетисуу жана ага чектеш аймактарды бирге алганда - О.К.) жүргөн. Биз, макалада Ош шаары жана ага чектеш аймактарды байырлап келишкен муңгуш, баргы, кыпчак, бөрү, бостон, кара багыш ж.б. уруулардын курамындагы айрым этно-

нимдердин келип чыгышын, маанилерин иликтөөгө аракет жасадык. Бул урук аталыштары теги байыркы элибиздин этникалык тарыхын, этнографиясын, көөнө мифологиясын чагылдырарында шек жок.

Жайчы - бөрү уруусунун курамындагы уруктун аталышы. Этноним кыргыздардын байыркы мифологиялык түшүнүктөрү менен байланышкан. Жайчы - жай таштын жардамы менен аба ырайын өзгөртүп жиберүүчү сыйкырчы (КТТС, 1984, 283). Жай таш-аба ырайынын өзгөрөшүнө таасир кылуучу магиялык күчкө ээ таш. Коомдук өнүгүштүн алгачкы баскычтарында адам табияттын сырын билип, баш ийдирүүгө кылган аракеттеринен келип чыккан («Манас». Энциклопедия, т.1., 194-195 бб). Мифологиялык термин (жайчы - О.К.) байыркы түрк доорунан белгилүү. jadcï- «сыйкырчы» маанисин түшүндүрөт (ДТС, 222). Бул сөз таштагы орто кылымдык несториандык жазууларда да бар экендиги аныкталган. Жайчылык салт түрк-моңгол урууларында кенен таралганын фарси тарыхчысы Рашид-ад-Диндин (XIVк.) жана кытай авторлорунун эмгектеринен байкоого болот (Малов 1947, 152). Жайташ - моңголдордо «жада», «яда», казактарда «жайтас», якуттарда «сата» деп аталып, сыйкырдуу магиялык күчкө ээ таш катары сүрөттөлөт. Байыркы кыргыздырдын ишениминде «жай таш» көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылган. Мифтик мындай ишенимди дүйнө элдеринин чыгармаларында кеңири кездешкен суунун ээси жылан, ажыдаар болуп эсептелген белгилүү салттык сюжеттин бир элеси, көрүнүшү катары кароого болот («Манас», Энциклопедия, т.1., 195-б.). Жайчылык өнөргө Алмамбет ээ болгондугу «Манас» дастанында кенен чагылдырылган. Эпосто жайчынын чагылдырылышы табияттын ар кандай кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө болгон ой-мүдөө болуп эсептелет (аталган эмгек, 195-б.). «Яда» термини (фонетикалык өзгөргөн формасы) «Авестадагы» «yatu» (сыйкырчылык), жаңы фарси тилиндеги «yadu» сөзү менен параллел кароого болот. Бул Ирандын байыркы түрктөргө тийгизген таасирин аныктайт (Малов, 1947, 154). Этноним кыргыздардын байыркы шамандык түшүнүктөрүн чагылдырары шексиз.

Калча - баргы, бостон, жору, кара багыш, тейит урууларынын курамдарындагы урук аталыштары. «Манас» үчилтигинде калча кыргыздарга душман, ал эми айрым варианттарында жакын, дос эл катары чагылдырат. И.Б. Молдобаев калчалар кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпостогу «каратегин калча» терминине ж.б. маалыматтарга таяныш айтат (Молдобаев 1995, 151-153). К.К. Юдахин калчалардын тажик жана өзбектерге жакындыгын белгилеп мындайча чечмелейт: 1. Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; 2. «Манас» эпосунда Коңурбайга карата айтылуучу эпитет; 3. Толук тажик (негизинен каратегиндиктер); 4. Эпостук чыгармаларда «сакчы», «кароолчу» катары айтылат; 5. Эпосто - кул маанисин түшүндүрөт (Юдахин 333-334; КТТС, 451-452); Молдобаев 1995, 151-152) , Х.Карасаев төмөндөгүчө аныктама берет: 1. Памирдик тоолук ирандыктар галча(калча), өрөөндөгүлөр тажик деп аталат; 2. өтм. кочкор тумшук, багалчак, айбаттуу адам (Карасаев Х., 1986, 136). Бирок, И.Б. Молдобаев этнонимдин чыгыш тегин тактоо зарылдыгын белгилейт (Молдобаев И.Б., 1995, 153). Биздин пикирде, этнонимдин чыгыш тегин аныктоодо анын баштапкы маанисин тактоо зарыл. Байыркы буряттарда коллективдүү аңчылыктын жетекчиси, коомдо өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Коллективдүү аң уулоонун алдында ырым-жырым атка-

рыш, жалпы процессти башкарган шаман - галша деп аталган (Вяткина 1933, 64-65). Галша (галши, галшин) сөздүн түпкү мааниси гал - «от», - ша/ -ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маанисин аныктайт. Галша - от сактоочу, алачыкты күзөттөө, аңды бөлүштүрүү милдетин да аткарган. Терминдин баштапкы маниси отко сыйынууну аныктайт. Алгачкы коомдогу уруктук отту сактаган абройлуу милдет, ага сыйынуу кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн (Жамбалова, 1991, 92-95). Байыркы кыргыздардын отко өзгөчө мамиле жасашкандыктарын араб, фарси булактары да тастыктайт. Шамандын коомдогу ролунун жогорулашы менен бирге, галша (галча урууда шамандык, руу жетекчиси, аскер башчылык милдеттерин аткара баштайт. Бул жапайы жапыбарларга коллективдүү аңчылык эмес, кошуна урууларга кол салуу менен да коштолгон (Вяткина, 1933, 64-67; Жамбалова, 1991, 92-93). Тарыхый узак процесстеги галышанын (галча) коомдогу ролу, милдеттери бир топ өзгөрүүлөргө учураган. Кыргыздардын курамындагы калча (теит уруусунда «галча» формасында) этнонимдердин байыркы галша (галча титул — термини менен параллел кароого болорун белгилегибиз келет. Борбордук Азиянын этникалык дүйнөсү менен терең байланышкан бул титул термин кыргыздарда кийинчерээк колдонуудан калып, этноним катары калыптанышы чындыкка жакыныраак.

Кара куш - баргы уруусунун курамында. Кара куш талаа бүркүтү (Юдахин, 456). Бүркүт байыртадан сыйынуунун объектиси болуп келгендиги маалым XIк. Фарси автору Гардизи кыргыздар уй, кирпи, сагызган менен бүркүттү ыйык тутушарын жазат (Абрамзон, 1946, 130). Кыргыздардын байыркы тотемдик түшүнүктөрү өзгөчө этнонимдерде кенен чагылдырылган. Байыркы огуздарда ар бир уруунун (уруктун) өздөрүнө тиешелүү онгондору (сыйынган, ыйык тутканканаттулар) болгон. Легендарлуу Огуз каган өз тукумдарына таратып, тартуу кылган онгондордун дээрлигин жырткыч куштар түзгөн. Уруктун мүчөлөрү онгон-канаттунун этин жешкен эмес (Бернштам, 1935, 37-38). Байыркы бука (бугу) тотемин кийинчерээк канаттуу жырткыч куштар алмаштыра баштаган. Бул уруунун (уруктун) күч-кубаттуулугун да аныктаган (Бернштам А.Н. Аталган эмгек, 35 б.). Кара куш (Алпкаракуш) кыргыз эпосторунда, жомокторунда, айрым фольклордук маалыматтарда да чагылдаары белгилүү. Алпкаракуш - «Манас» эпосунда. «Эр Төштүктө» баатырларга зарыл учурда келип жардам берген бүркүт (Караңыз: Молдобаев, 1995, 213-214). Бүркүт түркмоңгол, иран тилдүү элдердин мифологиясында кенен чагылдырылып, сыйынуучу объект болгондугун археологиялык маалыматтар, фольклордун материалдар ж. б. ырастайт.

Туйгун - кыпчак уруусунун курамында. Туйгун 1. Ак шумкар; каса туйгун - чыныгы, алгыр шумкар: 2. Баатырдын оң мааниле эпитети (Юдахин, 763). Этнонимдин чыгыш тегинде байыркы тотемдик негиз бар. Тотемизм - кандайдыр жаныбарга сыйынуу гана эмес, байыркы адамдардын диний түшүнүктөрүнүн системасы, ошол коомдогу укук нормалары болгон. Адамдар жаныбарлардын кайсынысына сыйынбасын, өздөрүн ошол жаныбарлар менен каны бир туугандарбыз деп эсептешкен. Уруулук түшүнүктөрдүн жаңыдан калыптанып жаткан мезгилиндеги адамдардын кыялында этнографиялык тотем коомдогу үстөмдүк кылган магиялык күч катары, коллективдин сактоочусу (покровитель), түпкү атасы (родо начальник) катары кабыл алына баштагандыгы изилдөөчүлөр тарабынан далилденип келет (Караңыз: Вяткина, 1933, 55).

Кыргыз этнонимиясында тотем - канаттууларга байланышкан энчилүү урук - уруу аталыштары катары бир топ санда учурайт. Мисалы: жору (адигине), үкү (солто), кыргыз (жетиген), жагалмай (муңгуш), кара куш (баргы) ж.б.у. с.

Ак- терек - баргы уруусунун курамында. Этноним байыртадан белгилүү болгон, ыйык деп эсептелген даректардын бири - терекке байланыштуу келип чыккан десе болот. «Манас» үчилтигинде касиеттүү байтерек жөнүндө маалыматтар чагылдырылат (Абрамзон, 1990, 303-304). «Манас» эпосундагы чагылдырылган («байтерек» дүйнөлүк дарак жөнүндөгү шамандык концепцияга дал келет (Молдобаев, 1995, 208-211). Түштүк Сибирдин түрк-моңгол тилдүү урууларында, элдеринде карагайды өзгөчө кайыңды ыйык тутуу, ага сыйынып ырым-жырымдарды өткөрүү салты (онгон даректар) кенен таралгандыгы маалым. Этнонимдин параллели кыргыздардын курамынан бай терек (сары багыш), беш терек (баргы), казактардын каңлы уруусунда - бай терек формасында кездешээри белгилүү (Тынышбаев, 1925, 29). Мындан сырткары Крым жарым аралында Беш - Терек этнотопоними сакталып калгандыгы аныкталган (Лезина, Суперанская, 1984, 85).

Маңгыт - муңгуш уруусунун курамында. Араван районунун аймагында этнотопоним катары да чагылдырылат. Маңгыт: - т, - д (-ут, -уд) варианттары менен) мүчөлөрү түрк-моңгол тилдеринде көнүк маанини аныктайт (Жанузаков, 1982, 63). Тарыхый булактарда маңгыттар XI кылымда Орхондо байырлашып, кара кытайлардын (кара кидандар) курамында кыргыздар менен кагылышкандан соң (Түштүк Тувада), Жунгарияга көчүп өтүшкөндүгү баяндалат (История Тувы, 1964, -Т. 1. -с.144). Рашид ад-Дин маңгуттарды (маңгыт) Чыңгыз ханга баш ийген моңгол тилдүү уруу катары карайт (Рашид ад - Дин. Т.1. Кн.1. -с.184). Моңголдордун «Купуя тарыхы» («Алтантобчи») да жогорудагы маалыматтарды кайталайт (Волкова, 1973, 77). Бирок, Л.П. Потапов Монголиядагы маңгыттарды (мицгаттар) XVII к. түрк тилинде сүйлөшкөнүн, калмактар тарабынан Или жана Талас тарапка көчүрүлгөн бул күч - кубаттуу уруунун тили кийинчерээк моңголдошкондугун жазат (Потапов, 1969, 24). Бул уруунун алгач кайсыл тилде сүйлөгөнү талаш маселе бойдон калууда. XIV к. Алтын Ордонун нойону Йесун Нохойдун улусу орус жана чыгыш булактарында «маңгыт» деп чагылдырылат (Волкова, 1973, 76-77). Ушул улуста бүгүнкү ногой этносу калыптанагндыгы маалым. XVI к. чейин бул улус «маңгыт журту» деп аталып кала берген. «Маңгыт» этнониминин бир эле учурда Монголия жана Түндүк Кавказда болушу, XIII к. Чыңгыз хан жана аның мураскорлорунун түшундагы түрк-моңгол элдеринин батышты көздөй миграциясының жыйынтыгы катары кароого болот. Бул этнонимдин кыргыздардын курамына кирген мезгилин үч багытта кароого болот: 1. XI к. кара кытайлардын миграциясынан улам, маңгыттар энесай кыргыздары менен түздөн-түз алакалаш болуп, жуурулушкан; 2. XVII к. Таласка калмактар тарабынан көчүрүлгөн маңгыттардын бир бөлүгү; 3. «Ногайлы» доорунда кыпчак-ногой компоненттеринин таасири астында келип кирген.

Чагыр - баргы уруусунун курамында. Этнонимдин параллели тынымсейит уруусунун курамында чакыр формасында кездешет. Чакыр //Чакыр этнонимі аран жазма булактарында VIII к. белгилүү. Махмуд Кашгари «чагыр» - ылаачын деген мааниде чечмелейт (М.Кашгари. -Т.1. -с.397). «Чагыр» /»чагры» (алджагрийа) аль Масудинин «Мурудж аз-захаб) аттуу эмгегинде түркий уруула-

рышын катарында айтылат (Чороев, 1995, 39). Мааниси «бүркүттү» туюнткан этникалык аталыш (батыш түрк уруусу) карлук, огуз ж.б. элдердин курамына жуурулушкан (Чороев 1996, 40). Захреддин Бабурдун берген маалыматтарында XV к. Теңир Тоону мекендеген чограк=чогрок=чагрек аттуу көчмөн уруу эскерилет (Абрамзон, 1990, 48). Бул этноним мургабдык кыргыздардын курамында (тейит уруусунда) «чогорок» формасында сакталып келет. Демек, автор кыргыздар жөнүндө маалымат берип жатат. Этнонимдин аталышынын түпкү мааниси тотемдик куш - бүркүткө байланыштуу келип чыккан. С. Атаниязов түркмөндөрдөгү «чагыр» этнонимин тотемдик куш - кыргыйга байланыштырат (Атаниязов, 1988, 126). Этноним кыргыздардын курамына эрте орто кылымдарда эле кирүүсү мүмкүн.

Жалпылаганда,Ош шаарын жана ага жамаатташ аймактарды этнографиялык, тарыхый планда комплекстүү изилдөө өтө кызык. Ал эми жогорудагы этнонимдер, алардын маанилери, тарыхый булактарда чагылдырылышы этникалык бир топ маселелерге жооп табууда көмөк берери шексиз.

Адабияттар

ДТС - Древнетюркский словарь. - Л., 1969. С.67.

КТТС - Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Т. 1. - Фрунзе, 1984. - С. 622.

Малов С.Е. Шаманский камень «яда» тюрков западного Китая. // СЭ, 1947, №1. - С. 151-160.

«Манас». Энциклопедия. - Бишкек, 1995. Т.1. - С. 760.

Молдобаев И. Б. «Манас - историко- культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - С.311.

Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь. - М., 1965. - С. 972 .

Карасаев Х. К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. - Фрунзе, 1986. - С. 321.

Вяткина К. В. Пережитки тотемизма и его разложения в связи с облавными охотами бурят // СЭ. 1933, №5-6. - С.48-67.

Абрамзон С. М. К семантике киргизских этнонимов //СЭ, 1946 - №3. - С.123-132.

Бернштам А. Н. Историческая правда в легенде об Огуз кагане. //СЭ, 1935. - С.181-183. - №6.

Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и этнокультурные связи. - Фрунзе, 1990. - С. 478.

Тыныштбаев М. Материалы к истории киргиз-казакского народа. - Ташкент, 1925. - С. 61.

История Тувы. // Под. ред. Л.П. Потапова. - Т.1, 1964. - С. 476.

Рашид ад-Дин. - Т.1. Кн.1.

Волкова Н. Г. Этнонимы и племенные название Северного Кавказа. - М., 173. - С. 206.

Потапов Л. П. Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко- Кашгари Махмуд. Туркий сузлар девону. / Пер. С. Муталибова. - Тошкент, 1961. - Т.1.

Этнографический очерк. - Л., 1969. - С. 196.

Чоротегин Т. К. Этнические ситуации тюркских регионах Центральной Азии домонгольского времени. - Бишкек, 1995. - 204 с.

Атаниязов С. Словарь туркменских этнонимов. - Ашхабад, 1988. - С.180.

Ибрагимов К. (Ош)

Карлук тилинин орто кылымдардагы жазма булактары

Карлук тилинин калыптануу доору байыркы түрк мезгилинен башталат. Карлук өзүнчө мамлекет болуп турганда, алардын тилинин таасири жанаша жашаган түрк элдерине тараган. Карлук тили XIX кылымга чейин караханид, чагатай, эски өзбек, өзбек тилдеринин негизин түзгөн. Карлук жана түрк тилдерине орток жазма булактар байыркы түрк эстеликтеринен кийин, орто кылымдын башында М. Кашгари, Ж. Баласагундан соң Алишер Навоинин чыгармалары, анын замандаштарынын чыгармаларынын тили карлук тилинин негизинде жазылган эле. Уйгур жазма маданиятынын онүгүшүндө да карлук тилинин таасири чоң болгон. Ошол эле учурда уйгур жана түрк тилдери карлук тилдерине таасир эткен.

Окумуштуу А. К. Боровков, А. Навоинин чыгармаларынын тилин иликтеп, анын тили чыгыш түрк же байыркы уйгур тилинин салтындагы жазмасынан кол үзүп, өзүнчө түрк тилдеринин салтында жаза баштаганын айткан (Боровков, 1946, 104). Ошол түрк тилинин бир салты карлук тили болгон. Кээ бир окумуштуулар А. Н. Самойлович, Э. Н. Нажип Алишер Навоинин чыгармасынын тили байыркы уйгур жана кыпчак-огуз адабий тилинин негизинде XIII-XIV кылымдарда калыптанганын белгилейт. XIII-XIV кылымдарда Алтын-Ордо, Сыр-Дариянын төмөнкү агымында Ак Ордодо карлук тилинин негизинде Караханид салты боюнча өнүгүп, калыптанганына эч кандай талаш жок экендиги баса айтышкан (Самойлович, 1928, 1-23; Э. Н. Наджип, 1965).

Х. Данияров "Өзбек адабий тилинин "ж" - чыл диалектилеринин изилдөө тажрыйбасынан" деген эмгегинде эски өзбек тилине жогоруда көрсөтүлгөн түрк элдерине орток Орто Азия, Чыгыш Түркүстан, Жети-Суу аймагында жашаган уйгур, өзбек, кыргыз, каракалпак, казак, туркмен элдерине орток болуп эсептелет. Аталган түрк элдеринен көбүрөөк карлук тилинин ботончөлүктөрүн А. Навоинин чыгармаларынан көрүүгө болот. Анткени Алишер Навоинин чыгармаларын окуган жана изилдеген окумуштуу Орто Азияда элдердин тилинин карлук, кыпчак, огуз элементтерин толук табат. Ушул сыяктуу эле Навоинин мурдагы замандаштары Лутфи, Саккаки. Амири, Ходжани ж.б. чыгармалары Орто Азия түрк элдерине да орток болуп эсептелет. Ар бир Орто Азиялык түрк элдери өзүнүн Орто кылымдагы жазма булагын аталган акын-жазуучулардын чыгармаларын негиз кылып алса, орундуу болчудай. Алишер Навоинин чыгармалары түрк элдерине ортоктугун анын "Фархад жана Ширин" чыгармасынын эле эки сап ырынан байкаса болот:

Түрк назмида мен чу тортиб алам,
Айладим ул мамлакатни яккалам.
Трудясь в области тюркской поэзии,

Я обоединил эту страну под одним пером. /А. Н., 7 том, 1414/.

Алишер Навоинин чыгармасында кытайдын чек арасынан баштап, Ирандын Хирасан, Шероз, Табризге чейинки аралыкта жашаган түрк элдерине арнаганын төмөнкү саптардан байкаса болот:

Олибмен тахти фармонимга осон,
Черик чекмай Хитодин то Хуросон.
Хуросон демаким, Шерозу, Табриз,
Ки килмишдур найи килким шакаррез.
Көнгул бермиш созимга турк, жон хам,
Не елгуз турк, балким туркмон хам.
/А. Н., 7 том, 414-бет/.

Легко завоевал я без всяких войск
(Силой своего пера) границы.
Начинал от Китая до Хорасана,
И не только до Хорасана, а так же до
Шераза и до Табриза,
Душой и сердцем слушают мои слова все —
И тюрк, и /азерб/ жон и туркмен.

Алишер Навоинин бешинчи сабында жон сөзү бардык түрктөргө тиешелүү, анын чеберчилик менен түрктөрдүн баардыгын санабай, түрк сөзүнөн кийин үтүр менен ажыратып, жон сөзү менен бардык түрк элдерин атаган. Маселен, карлукжон, кыргызжон, уйгургжон, озбекжон, туркменжон, азербайжон, казахжон, караклпакжон ж.б. Алишер Навои түрк элдерин, урууларына өтө берилип жакшы көргөнүн "Фархад жана Ширин" чыгармасында төмөнкүдөй саптар менен берген:

Агар бир кавм, гар юз, йукса мин дур,
Муайян түрк улуси худ менингдур...
Көнгул бермиш сөзимга турк, жон хам,
Не ңлгуз түрк, балким туркмон хам. /А. Н., 7-том. 414/.
Все тюркские народы /племена/,
Независимо от того,
Йуз они или минг,
Принадлежит мне,
Полюбили мои произведения.
И тюрки, и...жон /карлукжон/
И не только тюрки, но и туркмени.

Алишер Навоинин ушул саптарынан түрк элдеринин жылдызындай болгон акыны бүткүл Орто Азия, Чыгыш Түркүстан, Азия түрк элдеринин жазуучу-акын экендигин ыр саптары далилдеп турат. Ыр саптарынын муун түзүлүшү, рифмалык уйкаштыгы андагы тилдик өзгочөлүгү карлук-караханид-хорезм жазмасынын салтын баяндап турат.

Алишер Навои карлук, кыпчак, огуз түрктөрүнүн арасында жашаган ал элдерди өтө урматтаган, чын дилинен сүйгөн улуу философ, эстетик, мык-

ты тил онөрүн үйрөнгөн жазуучу, эл башчысы болгон. Окумуштуулардын пикирине таянганда, ал Ак Ордодо жана Ооганстан, мурдагы Туркстан аймактарында чыгармаларын жазган. Анын чыгармасында ошол кездеги араб, фарс жазма адабиятынын таасири чоң болгон. Мына ошондуктан Алишер Навоинин тили түрк элдеринин кайсынысына жакын экендигин талашып. ар түрдүү пикир айтылып келүүдө. Анын замандаштарынын бири Захир-ад-дин Бабурдун пикиринде Алишер Навоинин тили Анжиян түрктөрүнүн тилине жакын болгон. Анын чыгармасынын тили түрктүр, эли түрктүр: Шахар ва бозорисида туркий билмас киши йөктур. Элиниң лафзи калам била ростур. — В городе и на базаре нет человека, который бы не знал тюркский язык. Разговорный язык населения совпадает письменным литературным языком /Бобур, 1960, 60/. Бабур өзүнүн оюн улантып: "Ани учун ким Мир Алишер Навоинин мусаннафоти бовужудким Хирида нашчу намо топиптур, бу тил биладур" - Поэтому произведения Мир Алишер Навои, хотя и созданы в Герате, написаны на этом языке /Бобур, 1960, 60/. А. Ю. Якубовский да Бабурдун пикирин колдойт. А. Навоинин чыгармасы Анжиян оозеки тилине туура келет. анткени ал тил орто кылымдагы тил маданиятынын булактарынын бири болгондугун айткан /Якубовский, 1946, 6-бет/; Алишер Навоинин мезгилинде Фергана алкагында Анжиан, Ош, Арслан-Баб, Номанган, Маргалан, Фергана аймактарында караханид доорунан кийин карлуктар келип жашап, жергиликтүү түрк элдеринин негизин түзүшүп калган эле.

Алишер Навоинин чыгармаларынан тили карлук тилин толук чагылдырат. Ал жагдай фонетика, грамматика бөлүгүндө каралат. Бабурдун жогорку айткан эскермесинде - била сөзүн көрсөк, түрк тилдеринде, өзбек тилинде билан, н тыбышы бирге айтылат. Ал эми байыркы, орто кылымда азыркы түрк тилдеринде карлук тилинде өзбек тилинин айрым говорлорунда, кыргыз тилинин говорлорунда да мүнөздүү көрүнүш.

Фергана аймагында жашаган түрк элдеринин тилинде сонор тыбыштардын түшүшү азыркы күнгө чейин сакталган. Караңыз: (үнсүз тыбыштардын түшүшү). Ошондой эле карлук, айрым түрк тилдерине сонор тыбыштарынын геминат - коштолуп окшош келиши да мүнөздүү. Караңыз: (Геминат бөлүмү). Анжиан аймагында же Фергана аймагында карлуктар түрк элдери менен жанаша жашаган элдердин тилине таасирин берген. Маселен. Ж. Жумалиевдин Анжиян кыргыздарынын тили, (Фрунзе, 1983, 134-136; 1990, 14, 15), С. Ибрахимов "Узбек тилининг Андижон шеваси" (1967, 111, 115), Г. Садыбакасов "Язык уйгуров Ферганской долины" (1970, 53-63) эмгектеринен алсак, ошол мезгилге чейин сонор тыбыштарынын геминат түрүндө жана түшүшү жөнүндө сөз курамынан көрүүгө болот: Анжиян кыргыздарынын тилиндегидей кубулуштар жолугат: кар. кэллэ, уйг. көллэ, өзб. кэлээ, кырг. кэллэ - голова; кар., уйг., өзб., кырг. сэллэ - чалма; кар. тиллэ, уйг., өзб. тиллэ, кырг. тиллэ/тилла - золото; кар., уйг., өзб., кырг. эллэс - атлас (название материала), кар. уллуг, уйг.. озб. уллуг, кыр.

уллуг - старший; кар., уйг., өзб., кырг. суннэт - обряд обрезания; кар., уйг., өзб., кырг. сеннэн, кырг. сеннен - от тебя; кар., уйг., өзб., кырг. лэззэт - удовольствие; кар., уйг., өзб.. тоззэ, кырг. тэззэ -чистый; кар., уйг, өзб., кырг. ишшэ/ишшэк - осел; кар., уйг., өзб., кырг. ики/елки - два; йетти - семь; секккиз/саккыз - восемь; токкуз - девять; оттуз - тридцать; кар. каттыг, уйг. каттыг, өзб. кэттиг/кеттик, кырг. каттык - твердый; кар., уйг., өзб. мухаббад, кырг. мухаббат - любовь; кар., уйг., өзб., кырг. лэббэй - будет сделано; кар., уйг., өзб., кырг. эра - пила ж.б. Мындай келүүлөр карлук, өзбек, уйгур жана кыргыздар ж.б. түрк элдерине жанаша жашап, оз ара карым-катнашта болгон. Орто кылымда Алишер Навои жана Улугбек чыгармаларында тилиндеги тыбыштардын экилинеп келиши жана түшүп калышы бекеринен эмес, ошол кезде түрк элдеринин жана түрк уруулук говорлорундагы тилдик өзгөчөлүктөр көрсөтөт.

Алишер Навоинин чыгармаларында үндүү жана үнсүз тыбыштар карлук тилинин тыбыштарына толук туура келет. Ошондой эле карлук тилинин негизинде Алишер Навоинин чыгармалары жазылганына тыбыштык жана грамматикалык жактан көптогон далилдерин келтирсе болот. Тыбыштык жактан үндүү жана үнсүздөрдүн сингармониясы азыркы карлук тилине жакын. Ошондой эле А. Навоинин чыгармаларында кыпчак, огуз тилинин бөтөнчөлүктөрү да берилет. Жогоруда белгилегендей А. Навоинин чыгармалары - карлук тобундагы өзбек, уйгур тили менен башка Орто Азия түрк тилдерине да орток. А Навоинин чыгармаларынын тили менен советтиик мезгилде бир нече окмуштуулар изилдөо иштерин жүргүздү. Чыгарманын тили боюнча кандидаттык, доктордук диссертациялар корголду.

Маселен, 1940-жыл А. Усманов Алишер Навоинин "Мухокамал лугатайн" чыгармасы боюнча биринчи жолу кандидаттык диссертация коргогон эле (Ташкент, 1940). 1966-жылы А. Рустамов "Фонетико-морфологические особенности языка Алишера Навойи" аттуу доктордук диссертация коргоду (Ташкент, 1966); 1977-жылы кийин У. Санакулов "Исследование языка памятника XV века "Мухокамал лугатайн" Алишер Навои" деген темада кандидаттык диссертация корголгон (Ташкент, 1971); андан башка Алишер Навоинин чыгармалары өзбек тилинин өнүгүшүнө жана калыптанышына жазма булагы катары нечен изилдөөлөр пайда болду. Алардын айрымдарын келтиребиз: А. К. Боровков "Алишер Навои как основоположник узбекского литературного языка //"Алишер Навои" - М.-Л., 1964. - С.92-120; Ф. А. Абдуллаев "Алишер Навоий асарлари тилида унли товушлар уйгунлиги масаласига доир". //Узбек тил ва адабиңти, 1966, № 5. Алишер Навоинин чыгармаларына алгачкылардан болуп 1929-жылы К. К. Юдахин "Материалы к вопросу о звуковом составе чагатайского языка" деген эмгегине талдоо жүргүзгөн. Академик К. К. Юдахин А. Навоинин чыгармасын талдоонун өтө баалуу изилдөо усулун сунушь кылган. Жазуучунун ырларында үндүүлөрдүн жоон жана ичкелиги боюнча рифмаланганда сөз уйкаштарына үндүүлөрдүн жоон жана ичкелигинин айырмасы анча эле жок-

тугун айтып, ал классикалык чыгармаларда үндөштүгүнүн бузулганын талдайт (Юдахин, 1929, 62-68).

Жазуучунун чыгармасында 6 үндүү бар экенин көрсөткөн. Мындай талдоодон өткөн кездеги сөздөрдүн рифмаланышын үндүүлөрдүн жоондугу жана ичкелиги эске алынат. А. К. Боровков К. К. Юдахиндин методун баалоо менен окумуштуу экспериментинде ар түрдүү говордун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн эске албаганын сындаган. К. К. Юдахиндин изилдөө усулу үндүүлөрдүн курамын так чече албаган. Бирок ал кийинки изилдөөнүн эшигин ачарын белгилейт (Боровков, 1946, 104).

Ал окумуштуудан кийин А. Навоинин чыгармасында үндүүлөр боюнча А. К. Боровков изилдөөгө ала баштады. Окумуштуу жазуучунун чыгармасы "Мухокаматал-лугатайнда" 8 үндүү тыбыш бар экендигин айткан. Аны Кокон - Анжиян говорлорун салыштырып караган: и - ы, у, е, о - ө, а - а/а/; А. К. Боровков Навоинин чыгармасында - і, и, и, е, о - ө, а - э /А. Боровков, 1946, 104/. А. Боровков Алишер Навоинин чыгармасында үндүү тыбыштар азыркы ташкенттик, бухаралык, самаркандык говорлордон айырмаланып турарын талдап, көбүрөөк Фергана, Анжиян жана Кокондук типтеги говорлордун тыбыштарына салыштырат/А.Боровков,1946, 106/.

Окумуштуу Алишер Навоинин чыгармасын өзбек тилинин диалектисин өтмө говорлоруна кошот, анын тилинин тыбыштары Фергана говорлорундагы тыбыштарына тиктеш экендигин белгилейт /А. Боровков, 1946, 106, 107/. Анын пикиринче акын-жазуучунун чыгармасында а эринчил вариантка айланбай эле, так озгорбой айтылганын талдаган. Ал эми профессор В. В. Решетов эски өзбек адабий тили шаардык Анжиян, Маргалан, Фергана говорлоруна жакындыгын айткан /Решетов, 1959/. Ал К. К. Юдахин жана А. К. Боровковдун оюнун бири-бирине кыйла алыс экенин айтып, жазуучунун чыгармасында сингармонизм мыйзамы бузулганын жана бирдей кош келген үндүүлөр бири-биринен айырмаланып, сөз жасоодо катышканын иликтейт.

Чет өлкөлүк окумуштуулардын Янос Эккман Алишер Навоинин чыгармасынын тилинин фонетикалык өзгөчөлүгүн изилдеп сингармония мыйзамы колдонулганын баса белгилейт. 9 үндүү тыбыш акындын чыгармасында колдонгондугун далилдүү изилдейт /Eckman, 1959/. Ал Навоинин эмгегиндеги а, э, э (е), ы, и, о, у, ү тыбыштары колдонгондугун жолдогон. Навоинин чыгармасында 11 үндүү бардыгын айткан: а, а, э /е/, ы, и, /ий/, о, ө, у, ү, о. Алишер Навои чыгармасында - ы тыбыш фонема катары колдонот: кыш - зима, тыш - внешность, кыз - девочка; и тыбышынын колдонулат: киши - человек, тиш - зуб ж.б. ушул эле у жоон, ал эми ү ичке үндүү тыбыш катары XV кылымда эле колдонуп, келбестен алар байыркы түрк кезинен эле өз бетинче тыбыш катары колдонулган.

Жогорку айтылган талдоонун негизинде Х. Данияров өзбек тилинин кыпчак наречиесинин "ж" чылдык диалектисине арналган эмгегинде А.Навоинини чыгармасында 9 үндүү тыбыштар толук колдонулган: йырак -

далеко, *көпэлэк* - бабочка, секирип - прыгнув; *калин* - густой. жананга - любимый.

А. Навоинин "Мухокаматал-лугатайн" - Спор двух языков - чыгармаларынын түрк тилдерини маанисин ачып берип, анын бул эмгегинде түрк тили фарс тилинен кем эмес, тең тайлашкан байыркы тилдерден экендигин чеберчилик менен көрсөтө алган. А. Навои түрк (карлук - И.К.) тилин жогору баалаган. Ал тилдин сөз - акак, акындын жүрөгү - деңиз, анда ал өзүн керемет ачып берет. Деңизден акак ташты суучунун күжүрмөн эмгеги менен кыйынчылыкка карабай, канча аракети менен алып чыккандай. Акын-жазуу талыкпас ак эмгегинен чыгармачылык дареметиинин натыйжасын ал колдонгон сөздүн көркөм дүйнөсүн кооздугуна, терең маанисине, мазмунуна карата баалайбыз. Слово - это жемчуг, а сердце поэта - море, где он пороявляет себя и в полной мере раскрывает себя. Жемчуг в море добывается - водолазами, и мы только после того, ка добывают, узнаем, каким перлом является он. Так и слово. Мы оцениваем слово по глубокому его содержанию, по смыслу, по красоте /А. Н., 1918, 105/. Анын түрк жана фарс сөзүн бири-бирине салыштыат. А. Навои пикирин улантып ар бир инсан өз тилинде сүйлөп, пикир алса андан ашкан бакыт жок. Ошондуктан өзүнүн эле тилинде чыгарма жазуу керек. Колдон келсе эки тилде жазууга жетишүү зарыл.

А. Навоинин чыгармаларында түрк тилдеринин бүт тилдик байлыгы чагылдырылган. Анткени фарс тилинен айырмаланып турган жүздөгөн зат, сын, этиш түрк тилдерине орток сөздөрдү акын бөлүп көрсөткөн. Ал сөздөрдүн курамынан эле, ал мезгилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштар айкалыштырып колдонгондугун байкоого болот. "Мухокаматал-лугатайн" сөз түркүмдөрүнөн зат, сын атоочтордун, сөздөрдүн синониминин, омонимин берген. Өзгөчө, А. Навои тууганчылык, үй жана жапайы айбанаттардын, куштардын, үй-тиричиликке байланыштуу буюмдардын, кийим-кечек, боз үйлөрдүн, ашканаларда колдонулуучу шаймандардын жана тамак-аш аттары карлук тилиндегидей берилген: ок уй - белая юрта, бөсага - порог юрты, тагы - еще, опять, снова, кулун- жеребенок (до одного года), гунон - жеребенок (до трех лет), ийер - седло, эрин - губы, куйушкон - под хвостик, тупи - тюбетейка; безаимак - наряжаться, кезармак- краснеть, бледнеть, бурмак - кривать, скружить, турмак - стоить, заслужить, мунгаймок - опечалиться, сийпаймок - погладить, думсаймок - нахмуриться ж.б. Бул сөздөр түрк тилинин көпчүлүгүнө кеңири жолугат.

Мурда карлук-чигил группасынын тилдеринде сөз к, г, тыбышы менен аяктаса, кийинчерээк кыпчак тилдериндей сөз аягында - г в-га өткөнүн байкоого болот: тог > тав -гора: бог > бав - узел, элдик > эллув - пятьдесят ж.б. Мындай кубулуш кыпчак тилдерин карлук тобундагы тилдерге тыбыштык жактан тийгизген таасири окшойт (Данияров, 1975, 48). А. Навоинин чыгармасында байыркы к, г, тыбыштарынан в тыбышына өтүшү сөз жасоо, сөз өзгөртүү мүчөлөрдүн курамында өзгөрүүгө учураган: Карлук тилине

мүнөздүү болгон тыбыштардын тшүшү, кээде муундар аркылуу кыскарышы акындын чыгармаларында жолугат: бирлан сөзү бара бара кыскарган: билан > била > ла; турур сөзү > тур > дур > тир .

А. Навоинин чыгармасында 9 үндүү колдонгон. Ал жөнүндө проф. Х. Данияров Алишер Навоий ва узбек адабий тили /Ташкент, 1972, 33-35-бет/ эмгегинде 9 үндүү колдонгонун далилдүү иликтей алган. Анда ы, и тыбыштарынын өзүнчө тыбыш катары колдонгондугун далилдүү тилдик материалдар менен талдоого алынган. Акындын чыгармасында ы тилдин артында жоон тыбыш болсо, тилдин башында и ички тыбыш тилдин горизонталдык абалында өзүнчө фонемалык милдетти аткарышат.

А. Навоинин чыгармаларында үндүү жана үнсүз тыбыштардын гармониясы болгон. Айрым учур араб, фарс-тажик тилинен кирген сөздөр сингармония мыйзамына баш ийген. Турк тилдеринин карлук, кыпчак, огуз топторундагы тыбыштардын гармониясы тилдин ички жана тышкы булактарына да тийиштүү болгон. Акын өзүнүн чыгармаларын карлук тилинин нормасында жазган. Ошондой эле уйгур, карлуктардын бир бутагы болсо чигилдердин таасири акындын чыгармасында байкалган. Демек, караханид доорундагы карлук-уйгур-чигил тилинин базасында А. Навоинин чыгармалары жазылган.

А. Навоинин чыгармасында үнсүз тыбыштардын алмашып г тыбышы й тыбышына өтүшү же ш тыбышын р тыбышына алмашып, айрым мисалдардан байкаса болот: чий - чыг - плетенка из камыша, укишда сөз ордуна окурда - в учебе, *тукишка* ордуна - *тукарга* - сыпания, выливания (А. Н. Мухокаматол-лугатайн, 121).

А. Навоинин "Мухокаматол-лугатайн" чыгармасындагы сөз түркүмүндөгү сөздөр карлук тилине таандык. Маселен, сын атоочтордун күчөтмө даражасын алсак, сап-сарг - совершенно чисто желтый, оп-опок - очен белый, коп-кора - очень черный, йап-йашил - очень зеленный, көкмак - синеголубой, (А.Н. - М.-Л., 117). Сын атоочтун салыштырма мүчөсү - рак колдонулат: копурок - больше (М.-Л., 107); софирок - (М.-Л., 107), покрок - честнее (М.-Л., 107). Акындын аталган чыгармасында илик (родительный) - нин формасында жана кээ учурда табыш жөндөмөсүндөй - ни мүчөсү, илик жөндөмөсүндө кыска формада эки жөндөмөдөй бирдей колдонулушу карлук тилинде мүнөздүү. Ал эми карлук тобуна кирген өзбек адабий тилинде эки илик, табыш жөндөмүнүн мүчөлөрү өзүнө колдонулат. А. Навоинин чыгармасында барыш жөндөмө мүчөсү кыпчак тобундагы кыргыз, каракалпак, казак, ногой ж.б. түрк тилдериндей эки вариантка, төрт формага ээ: -га/-га, ка/ка; кукка - в небо /Ф.Ш., 10/, сортка/сарту /Ф.Ш., 107/, фарсийга - персидскому /М.-Л., 118/, бовурга - печени, редному /М.К., 113/. Жатыш жөндөмө мүчөсү кыргыз, каракалпак, казак ж.б. кыпчак тилиндегидей таандык уландыдан кийин - нда болуп келет: уйинда - а его дом, башында - на его голове.

XVI кылымга таандык Мухаммад Салих чыгармаларында да А. Навоинин чыгармасындагыдай жамдама сан атоочту уюштуруучу ув мүчөсү кеңири жолугат. Мухаммад Салихтин "Шейбани-намасында":

Ултуруп эрди черикда бир-иков
Бир кулида уку бирда эгов (Ш.Н., 203).
Сидели среди войска один-два человека.
В одной руке — стрела, а в другой — напильник.

Бул чыгармада: бузов - теленок (205), слов - знамен (203). Этиштин келер чагын уюштуруучу - ади мүчөсү карлук тилине мүнөздүү: борады - он пойдет, келады - он прийдет.

Мындай тилдик өзгөчөлүк карлук тобундагы тилдердеги жалпы болуп саналат. Байыркы карлук тилинин салтын эски өзбек тили толук колдоно баштаган, анын негизинен азыркы өзбек тили пайда болгон. Азыркы өзбек тили ички булакка караганда, тышкы булакка көбүрөөк таянгандыктан тыбыштардын санына жана сапатына, анын карлук, кыпчак, огуз наречилериннде колдонгон үндүү жана үнсүз тыбыштардын сингармониясын терен изилденбегенинен, туура эмес жыйынтык чыгып калган. Анткени, биз жогоруда А. Навоинин чыгармаларына тилдик талдоо жүргүзгөндө 9 үндүү тыбыштын бардыгын аныктадык. Алар негизинен түрк тилдерине мүнөздүү болгон сингармония байыртадан келе жаткан мийзам экендигин эске алууга туура келет. Унгуда. сөз жасоо, сөз өзгөртүү мүчөлөр курамында да сингармония бардыгына талданган чыгармалардын материалына ынануурга туура келет.

А. Навоинин чыгармаларында орто кылымда эле сингармониянын тил жана эрин күүсү болгонун көрүгө болот. Маселен, "Мухокаматал-лугатайн" чыгармасынын 98, 99 ж.б. беттеринде: йүзидин - с лица, йиллгиги - годовщина; эринчил түрүндө ээрчишинин келишин бул мисалдардан көрүгө болот: көпүртүр - вспенивай, улумтук - смертник, бордув - мы пришли ж.б. Мындай кубулушту өзбек тилчилери байыркы уйгур-карханид адабий тилинин таасири катары карайт (Данияров, 1975, 57). Мындай тил жана эрин аркылуу тыбыштардын эрчиши бир гана карлук тобунун тилиндеги байыркы көрүнүш болсо да, андай тилдик жагдай кыпчак тилдерине кыргыз, алтай тилдерине мүнөздүү көрүнүш. Байыртадан карлуктар, кыргыз, уйгур, өзбектер менен тыгыз байланышта эриш-аркак жанаша жашагандыгынын далили катары кароо керек.

Сөз түркүмүнүн бардыгына тийиштүү категориялар карлук тилине да таандык. Өзгөчө, карлук тилинде кызматчы сөздөрдүн көпчүлүгү карлук тобундагы тилдерде жана жанаша иргелеш жашаган кыргыз тилинин говорлорунда мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү А. Навоинин чыгармаларынан байкоого болот: Ул доги, өзбек адабий тилинде мындай форма жок, кыргыз тилинин ичкилик же түштүк-батыш говорлорунда жолугат: ал дагы - он тоже, и это. Бул форма өзбек тилинде у хам булса - и то түрүндө келет.

Анын тыбыштык жактан өзгөргөн тоги, тогин формаларын кыпчак наречиелеринде кеңири колдонулат.

А. Навоинин чыгармаларында сөз жасоо, сөз өзгөртүүдө колдонгон мүчөлөрүнүн көпчүлүгү карлук тилине мүнөздүү. Мисалы: Йана доги расиолга калам сурупмэн ва макотибга рахам урупмэнки... - и еще написал трактаты и послания. (А. Н., М.-Л., 121). Ушул сыяктуу сөздөрдүн вариантын карлуктун "Кэл йози" элдик өөзеки чыгармасынан жолуктурууга болот: келэйтибман - иду, ботиман - потонул, йөкотибман - потерял:

Узоктон келейотибман,
Гамниң лойига ботибман,
Мен кал Йози, биродарла
Мэн йоримни йокутибман.
Еду я издалека,
Сам погружен в тоску.
Я Кэл Йози, братья,
Я потерял возлюбленную.

Мында карлуктардын оозеки чыгармасындагы тилдик өзгөчөлүктөр А. Навоинин чыгармасында дал келет. Акын карлук озеки чыгармаларында пайдалана алган.

А. Навоинин чыгармалары карлук тилинин нормасында жазылгандыгы талашсыз. Акындын чыгармаларында кыпчак, огуз тилинин элементтери кеңири орун алган. Маселен. өзбек адабий тилиндеги - дир, -сат мүчөлөрүнүн ордуна - гиз/-гиз мүчөлөрү колдонулган: кегиз/келишир/ - принеси, агыз /олдур/ - заставь, взять, кегиз /көрсат/ - покажи. Мындай өзгөчолүк Тажикистандагы Кашкараха кыштагында жашаган карлуктардын кебинде кеңири колдонулат. Алар жайкы жайлоолорун Кара-Тегин өрөөнүно Жерге-Тал кыргыздарына мал айдап чыгып, ушул күнгө чейин карымкатнашта жүрүшөт. Ошентип, байыртадан эле кыргыздын карлуктардын тилине таасир эткен. Ал формалар А. Навоинин чыгармаларынан кездешет. *....ул жонибдин эвроз кылыб, бу фанга машгул эл сари майл көргузур, же ул сипехр ховосида хаңл куши баланд* (А.Н. М.-Л., 119)

Карлуктар менен бирге бир канча түрк элдери жана уруулары А.Навоинин чыгармасында аталып кетет. Анткени А. Навои Орто Азияда акын катары гана эмес, саясатчы, мамлекет башкаруучу, элчи, илимпоз катары да белгилүү болгон. Ал анын "Мухокамал-лугатайн" чыгармасынан толук байкалат. Карлуктар - түрк аты менен байыркы түрк каганаты кулагандан кийин, түрк мамлекетинин салтын карлуктар уланткан. Ошентип, Орто Азияда түрк тилиндеги сүйлөгөн элдердин көбү түрк этноними менен аталган. Алишер Навоинин чыгармасында өзбек этноними түрк этнонимичелик кеңири колдонулбайт.

Карлуктардын Орто Азияга көчүп келиши биздин эрага чейин XIX кылымдарда үч огуз наамы менен белгилүү болгон. Эң байыркы кыргыз, каракалпак, казак, башкыр, татар, алтай, тува, хакас, уйгур, туркмен, азер-

байжан ж.б. түрк элдери сыяктуу бир жагы Урал - Арал - Алтай тараптарында көчүп жашаса, экинчи тарабы Жети-Суу - Фергана, Самарканд, Бухара, Хорезм, Ургенч, Нокус андан ары Жер-Ортолук деңиз түрктөр, андан ары Сирия, Арапстан, Египетке чейин көчүп жашашкан. Тарыхый маалыматтарга караганда. Биздин эрада Өгүз-хандын курамында, андан кийин түрктөрдүн өз бетинче Орто Азиянын белгилүү шаарында элдин ар күнкү саясий-маданий маселелерине кеңири катышкан. Маселен, Чынгыз-хандын аскерлеринин курамында бир келип, Мавераннахр жана Хорасан аймагында жашашкан. XV кылымда Ак-Ордодо (Белая Орда) башкарууда карлуктар чагатай наамы менен белгилүү болушкан. А. Навоинин чыгармасында түрк, карлук /каллык, кыпчак, конгурат, кыйот. билгут, огар, мангит, өзбек, жуз /йуз/, мин, сулдуз, мирак, кувчин, найман, мангиш, калмак, түрк, казак, түркмөн, азербайжан, татар, мугул, барлос, тархон, сулдуз, чагатай, мындай тибет, ужа, халаж /калач/, милак, жигот /чуют/, башка араб, хинд, лоли. арман, хитой, жахуд /еврей/, чаркас элдер *аталат.*

Проф. Х.Данияров өзбек тилине байланыштуу чыгармаларды изилдеп, алардын тилин өзүнүн жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн өзгөртпой кагазга түшүргөндө өз маанисин жоготпоорун белгилеген. Маселен, "Равшан", "Ядгор" анда өзбек этникалык чыгармаларын талдоого алган. "Алпамыш" чыгармасында окумуштуу Х. Зарифа, Х. Алимжанов жарыкка чыгарышкан. Ал чыгармалары өзүнүн табигый элде айтылышын сактаган, алар ырлардын көркөмдүк нормаларын бузган эмес, ал эми тилдик жактан айрым өзгөртүүлөрдү киргизишкен: *йылкичида узи келгэн синлидир. товушкан туякли, морол беллидир* (Равшан, 12) - В табуне он отличается стройностью, копыта (то есть ноги) его как у зайца, а спина как у марала (Данияров, 1975, 87). Айрым изилдөөчүлөр, материал жыйноочулар зордоо жолу менен тигил же бул адабий тилдин нормасына алып келет. Ошентип чыгарманын тилине ондоолорду киргизет. Анын натыйжасында сингармония законун бузулганын көрсөтүү аракет жасашынан улам, тилдик материалдар, чыгарманын тили бузулган: дастанда "томоша" сөзүнүн тыбыштарын өзгөртүп "тамоша - зрелище", "морол" сөзүн марол - марал, мажара /можорону үндүү "о" биринчи муунда өзгөртүп "а" тыбышы менен берет: мажора - скандал ж.б. Анын негизинде Самарканд, Бухара шаардык типтеги карлук, чигил-уйгур наречиелеринин тилдик бөтөчөлүктөрү жасалма жолго салынып калган. Маселен, карлуктардын "Кол-йози" эки жаштын тунук сезимине арналган оозеки чыгармада өзбек адабий тилинин нормасы зордоп салынган.

Карлук тилине мүнөздүү өзгөчөлүктөр байыркы түрк, орхон-енисей, рун эстеликтери М.Кашкари "Девону лугатит түрк", Ж.Баласагундун "Кудатгу билиг", А. Навоинин жана кийинки орто кылымдагы Орто Азия жазуучуларынын жана акындардын чыгармаларында бардык түрк тилдерине тийешелүү тилдик эстеликтер орток экендигин толук байкоого болот: Азыркы түрк тилдеринин өкүлдөрүнүн эң эле байыркысы огуз (кырк-огуз - кырк гуз), кыпчак, карлук, булгар топторундагы тилдер болгон. Алар бири-

бири менен тыгыз ички жана тышкы булактардын негизинде өнүккөн. Карлуктар, огуздар, кыпчактар өтө тыгыз карым-катнашта жашагандыктан, бири-экинчисине сиңип кетишкен. Аларды тилдик каражаттардан аныктоо болот. Бул жөнүндө профессор Х. Данияровдун өзбек тилиндеги "Ж чылдар" диалектин изилдеген эмгегинде орундуу, илимий жактан терең далилдүү жыйынтык чыгарган. Кыпчактардын этникалык, маданий, тилдик, каражаттарынын негизинде өзбек тилинин кыпчак говорлору казак жана каракалпак, кыргыз (И.К.) тилдерин өтө жакын экендигин баса белгилесек болот. (Х. Данияров, 1975, 89). Тажикистан карлуктарынын тилин Т. Юлдашев лакай, конурат, катаган ж.б. кыпчак урууларынын тилине салыштырып изилдеп, алардын тилинде жалпылыктарды, айырмачылыктарды аныктоого аракет кылган (Юлдашев, 1968, 1990, 11). Түркменистан карлук тилинин өзгөчүлүктөрүн түрк тилдеринин кыпчак, огуз тобундагы тилдери менен байланышта өнүккөнүнө жана калыптанышына талдоо жүргүзөт (Мухамаджанов, 1970, 4).

Жыйынтыктап айтканда, А. Навои жана анын замандаштарынын чыгармалары карлук тилинде жазылган. Карлук тилини орто кылымда өнүгүшүнө жана калыптанышына жазма булак катары кызмат кылган. А. Навоинин чыгармаларынын тили кырлук тыбыштык, грамматикалык жана лексикалык каражаттарын чагылдырат. Азыркы карлуктардын тилинин түзүлүшү Орто кылымдагы тыбыштык өзгөрүүлөр менен сакталып калган. А. Навоинин чыгармаларынын тили карлук, огуз, кыпчак тилдеринин тобундагы түрк тилдерине жалпы орток маданий мурас.

Колдонулган эмгектер

Абдуллаев Ф. А. Алишер Навойи асарлари тилида унги товушлар уйгунлиги масаласига доир. //Узбек тили ва адабиети. - 1966, №5.

Боровков А.Н. Алишер Навои как основоположник узбекского литературного языка. //Алишер Навои. - М.-Л., 1946.

Бобир. Бобирнома. - Ташкент, 1960. - 60 бет.

Данияров Х. Алишер Навои ва узбек адабий тили. - Ташкент, 1972; Ошол эле: Опыт изучения джекающих (кипчакских диалектов в сочинении с узбекским литературным языкам.(На материалах Самаркандской и Джизакской областей).-Ташкент, 1975.

Жумалиев Ж. Анжиян кыргыздарынын тили. - Фрунзе, 1983.

Захриддин Мухаммад Бобирнома. - Уз. РАН. - Ташкент, 1960.

Eckman J. Das Taschagataische, Philological Turcicac Fhuudomento. - Wiesboden, 1959

Ибрагимов С. Узбек тилинин Андижон шеваси. - Ташкен: Фан, 1967. - С.111.

Мукаменджанов К. Туркестанский говор узбекского языка. На материале карлукской группы говоров. Автореф. дисс. канд. филол. наук. - Ташкент, 1965.

Наджип Э. Н. О некоторых недостатсках в истории тюркских языков. //Советская тюркология. - Баку, 1970. - №6. Он же: Кипчакско-огузский литературный язык Мамлюкского Египта XVI века. Автореф. дисс... док-ра фило. наук. - М., 1965.

Решетов В. В. Узбекский язык. Ч.1. - Ташкент, 1959.

Рустамов А. Фонетико-морфологические особенности языка Алишера Навои. - Ташкент, 1966.

Садыбакасов Г. Язык уйгуров Ферганской долины. - Алма-Ата, 1970.

Самойлович А. Н. К истории литературного среднеазиатско-турецкого языка. //Мир. - Али-Шер. - Л., 1928.

Санакулов У. Исследование языка памятника XV века Мухакаматл-лугатайн. - Ташкент, 1970.

Усманов А. А. Навоинин Мухакамил-лугатайн. - Ташкент, 1940.

Юдахин К. К. Материалы к вопросу о звуковом составе чагатайского языка. Культура и письменности Востока. - Кн.IV. - Баку, 1929.

Юлдашев Т. Узбекские говоры Южного Туркменистана. Автореф. дис... канд. филол. наук. - Ташкент, 1968; Он же: Марфологический строй узбекских говоров Таджикистана. Автореф. дис... д-ра филолог. наук. - Ташкент, 1990.

Якубов А. Ю. Черты общественно-культурной жизни эпохи Алишера Навои. //Алишер Навои. - М.-Л., 1946; Он же Золотая Орда и ее падение. М.-Л., 1950.

Алымбаев Ж. (Ош)

Начальный этап завоевания Кокандского ханства царизмом в русскоязычных исследованиях

История ханства, ее возникновение, генеалогия ханов, внутриполитическая ситуация, экономическое положение, а также завоевание русским царизмом были одной из тем исследований дореволюционных авторов. К изучению истории Кокандского ханства была посвящена обширная русскоязычная литература второй половины X1X - начала XX вв.[1]

Авторы указанных литератур используя многочисленные мусульманские источники, а также ряд авторов, являясь очевидцами конкретных исторических событий воссоздавали картину о Кокандском ханстве.

Кокандская дореволюционная русскоязычная историография была развита в связи с завоеванием ханства во второй половине X1X - начале XX веков.

Внешняя политика русского царизма в первой половине X1X века была направлена на всестороннее изучение Туркестанского края, имеющее своей целью дальнейшие колониальные захваты. Поэтому изучение Кокандского

[1] Обозрение Кокондского ханства в нынешнем его состоянии.//Записки русс. геогр. общ., Кн.Ш, 1849; *Веляминов-Зернов В.В.* Сведения о Кокандском ханстве//Вест. русск. геогр. "О Кокандском ханстве Хорунжего Потанина".//Вест. русс. геогр. общ. - СПб., 1856; Кокандское ханство по новейшим известиям.//Военный сборник, 1869, №7; *Нурекин А.* Очерки истории Коканда с 1841 по 1864 г.//Турк. ведомости, 1872, №35; *Федченко А. П.* Путешествие в Туркестан. - Т.1. - Ч.11. В Кокандской долине.//Военный сборник, 1876, №4; *Наливкин В.П.* Краткая история Кокандского ханства. - Казань, 1886.

ханства было тесно связано с внешнеполитическими задачами Российского государства.

В рамках одной статьи не возможно анализировать всю совокупность исторической литературы, а также осветить весь процесс проблемы завоевания Кокандского ханства. Поэтому мы хотели бы проанализировать только отдельные солидные труды русскоязычных авторов X1X в.

К исследованию завоевания Кокандского ханства была посвящена обширная историческая литература, относящаяся ко второй половине X1X века. Данные исследований были написаны как отдельные самостоятельные труды[1], а также в капитальных трудах[2], где были затронуты военные действия русского царизма на территории всего Туркестанского края и, следовательно, в Кокандском ханстве.

Работы русскоязычных авторов, указанного периода, отражающие эпоху завоевания можно разделить на два периода:

а) труды 50-х начала 70-х годов XIX века;

б) труды конца 70-х — 80-х годов XIX века.

В конце 40-х - начале 50-х годов X1X века было начато движение царизма в Среднюю Азию. В 1847 году царские войска захватили устье р. Сыр-Дарьи, где было построено Раимское (Аральское) укрепление. Затем столкновение царских войск на территории Кокандского ханства произошло в 1852 году при штурме крепости Ак-Мечет. По сведениям "Туркестанского сборника", крепость Ак-Мечет штурмовали царские отряды во главе генерал-губернатора Перовского в составе 469 человек, при двух орудиях. Штурм кончился неудачей, отряд потерпел поражение, потеряв 72 человека[3]. Однако о первых неудачных штурмах Перовского в трудах А.Гребнера, Н.Павлова, К.Абаза, М.Терентьева подробно не упоминается.

---

[1] *Серебренников А.Г.* К истории Кокандского похода.//Военный сборник. №9. - Спб 1899. Краткий очерк военных действий против кокандцев.// Военный сборник. 1875. - Т.166. Ч.11, №12; Военные действия против кокандцев в 1875 году.//Военный сборник, 1876 - Т.107. Ч.11, №1,2; Военные действия в бывшем Кокандском ханстве.// Военный сборник, 1876. - Ч.11, №8; *Михайлов М.* Поход в Кокандд в 1875 году.//Туркестанские ведомости, 1884, №3; *Боголюбов А.* Очерк войны в Средней Азии.//Военный сборник, 1880, №1; *Захарин И.* Начало завоевания Коканда. //Исторический вестник. —1901, № 6; *Корытов Н.* Самозванец Пулат-хан.// Ежегодник Ферганской области - Т.1. - Новый Маргелан, 1902.

[2] *Абаза К.* Завоевания Туркестана. - СПб., 1902; *Гребнер А.* Осады и штурмы среднеазиатских крепостей и населенных пунктов. - СПб., 1897; *Макшеев А. И.* Исторический обзор Туркестана и наступательное движение в него русских. - СПб., 1890; *Терентьев М. А.* Завоевания Средней Азии. - Т.1. - СПб., 1906; *Павлов Н.* История Туркестана. - Ташкент, 1910; *Серебренников А.Т.* Материалы для истории завоевания Туркестанского края. - Т., 1912-1915.

[3] Туркестанский сборник. -Т.50. - С.405.

Наоборот, эти же авторы детально описывали новый поход Перовского в Ак-Мечет, который закончился взятием ее.

[2] Шабдан Жантаев жөнүндө көптөгөн макалалар менен катар эле ал жөнүндө бир нече китеп жарык көргөндүгү белгилүү. Мисалы: Шабдан баатыр.—Б., 1994; *Сыдыков О.* Тарых кыргыз Шадмания. Кыргыз санжырасы.—Ф.,1990 жана башкалар.

[3] Буга төмөнкү иликтөөлөр күбө болот: *Үсөнбаев К.* Унутта калган адамдар. Биринчи макала. //КМ.—1989-жыл.—16-март.; *Бабабеков.* Тарых чындыгы.//ОЖ.—1994-жыл.—11-июнь; *Молдокасымов К.* Шабдан: баатырбы, чыккынчыбы?//КР.—1994.—№17;*Абдылдабек кызы Жаңыл.* Баатыр. //Аб. —1992-жыл.—23-апрель; Ошол эле автор. Өзөктөн өрт чыгабы? //Кыргыз Руху.—1995-жыл.—10-март; жана башкалар.

[4] Ал жөнүндө алгачкы маалымат орус колонизаторлорунун 1873—76-жыл-дардагы отчетторунда эле кездешет. Бирок, алар белгилүү гана адамдардын колунда болуп, окурмандарга жеткен эмес. Анддыктан, Искак жөнүндө бирден-бир даректүү жазма Н.П. Корытовдун Фергана облусунун 1902-жылга карата даярдалып, Новый Маргелан шаарында 1903-жылы жарык көргөн "Ежегод-нигинин" 1-санындагы "Самозванец Пулат хан" деген макаласы эсептелет. Полот хандын көтөрүлүшү жөнүндө азыраак маалымат сенатор Ф. Гирстин Түркстан чөлкөмүн изилдөөгө арналган китебинде (*Гирс Ф.* Отчет ревизирующего по высочайшему повелению Туркестанский край тайного советника Гирса.—СПб.,1883.), В. Наливкиндин "Кокон хандыгынын кыскача тарыхында" (—Казань, 1886.), М. А.Терентьевдин "Орто Азияны каратуунун тарыхында (*Терентьев М .А.* История завоевания...—2-том.—СПб., 1906.) учурайт.

[5] Полот хан жөнүндө маалыматтар XIX кылымды изилдөөгө алган кыргыз жана өзбек тарыхчыларынын: А. Хасанов, К. Үсөнбаев, В. Плоских, Р. Ба-бабеков, Р. Набиев, Х. Иноятов, С. Павлов жана М. Рабиновичтин эмгекте-ринде эскерилет.

[6] *Пясковский А.В.* О характере национальных движений в Киргизии во второй половине XIX и начале XX вв. // Труды ИЯЛИ КирФАН СССР).—IV чыг.—Ф.,1954.— 22-28-бб.

талабына ылайык Кушбек Үсөнбаев кийинки кездердеги макалаларында Искак Асан уулун жаңы көз караш менен изилдөөгө алып келатат[1]. Полот хан жөнүндө фактылык материалдарды архивдик документтердин негизинде Н. Корытовдон кийин эле окурмандарга жаш тарыхчы Кыяс Молдокасымов жеткирди[2]. Полот хандын тарыхтагы ордун ачып бере албаса да анын сасаяй аракеттери жөнүндө бир топ маалыматтарды өзбек тарыхчысы Х.Н. Бабабеков бере алды[3]. Аталган инсандын адабий образы[4] менен илимий таржымалынын ортосундагы популярдуу жанрдагы китеп да жарык көрдү[5]. Негизинен Искак—Полот хандын тарыхый орду илимде такталууда[6]. Аталган азыноолак изилдөөлөрдүн болушуна карабай биз искактаануу маселесин кыргыз тарыхнаамасынын эртеңи деп эсептейбиз.

Жалпысынан алганда кыргыз тарыхнаамасында тарыхый инсандарды изилдөө белгилүү деңгээлде нйгиликке жетишкени менен али алардын тарыхтаржымалын тастыктоого татыктуу маселелер көп экендигин белгилеп кетүү зарыл.

Жогоруда берилген ойлорго негизденип Кыргызстандын Орус империясына каратылышы жаңы багытта али толук изилденип бүтпөгөндүгүн, анын мүнөзүнө конкреттүү баа бериле электигин жана ушул убакка чейин бул маселенин тегерегиндеги көптөгөн талаш-тартыш суроолор чечилбей келе жаткандыгын баса белгилөөгө туура келет.

К. Молдокасымов (Бишкек)

Жаркын айым

1842-жылы жай айында Кокон хандыгынын тактысына кыргыздар Шералыны хан көтөрүшөт. Ага чейин Шералы Таластагы Коен-Токой деген

---

[1] *Үсөнбаев К.* Өткөндүн кайрыктары.//КМ.—№ 14,15.—1990; Ошол эле автор. Котөрүлүштүн башы.—КМ.—№ 49.—1990; Ошол эле автор. Это было в Коканде. Похождение Пулат хана.//КБ.—1993.—16 февраля; Ошол эле автор. Өткөндүн кайрыктары. 1873—1876. Кокон көтөрүлүшү.//КМ. —1990. — ° 14,15; Ошол эле автор. Тарыхтын татаал жылдары. Кокон көтөрүлүшү.//ЭТ.—1993.—3-июнь,7-июль жана башка макалалары.

[2] *Молдокасымов К.* Полот хан. —Мурас.—1991.—№ 1; Ошол эле автор. Искак Молдо—Кокондун акыркы ханы.—ЗК. —1994. —18, 25-ноябрлар, 2-декабрь.

[3] *Бабабеков Х.Н.* Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические и политические предпосылки (XVIII—XIX вв.).—Т.,1990.—83—110-беттер.

[4] *Касымбеков Т.* Сынган кылыч.— Ф., 1976.

[5] *Газиев А.* Пулат-хан. —Б., 1995.

[6] Ошентсе да, айрым изилдөөчүлөр Искак—Полот хандын тарыхый ролун аныктоодо мурунку калыптанган көз караштан чыга албай жаткандыгы өкүнүчтүү. Мисалы, жаш окумуштуу Б. Боотаева Полот ханды, анын "эркине каршы тургандарды мыкаачылык менен "газаватты" колдоого мажбурлап, ... элдин жардамы менен бийликке жеткенден кийин, эми кайра элге каршы" саясат жүргүзө баштады, деп жазуу менен 50—60-жылдардагы тарыхнаамалык көз карашты кайталайт. (Караңыз: *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом, Китаем и Россией...— 75-бет.)

жерде Жанболот деген бийдин ээлигинде жашап турган. 1798-жылы Нарбото бийдин көзү өткөндө анын уулу Алим хан тактыга отуруп, атасынын бир тууганы Ажы бийди бийлик талашат деп өлтүрүп койгон соң, Ажы бийдин аялы Шералы, Улукбек деген уулдарын алып, Кокондон Таластагы төркүнүнө качат. Чаткалга келгенде алар түнөп калган күмбөздүн төбөсү урап түшүп, ал кырсыктан Шералы апасынан, бир тууганынан ажырап, Таластагы таекелерине жалгыз келет. Жетим жетилет. Жашы жеткенде ага таекелери багыш уруусунан Сонайым деген кызды алып беришет. Көпкө чейин балалуу болбогондуктан таекелери кеңешип, Шералыны экинчи жолу үйлөнтүшөт. Экинчи аялы айтылуу Жаркын айым эле. Ал саруу уруусунун бир бутагы Төбөй уругунан Токтоназар деген бийдин кызы болгон. Лйрым тарыхый даректерде Жаркын айымдын атасы Тозуз-Городо бий болуп турганы айтылат. Жаркын айымдан Шералы, Сарымсак*, деген уул, Нарчучук деген кыз, Кудаяр, Султанмурат деген наристелүү болот. Сонайым да Сарымсак менен удаалаш Малабек, Сайпи деген уулдарды, Афтаб, Махляр деген кыздарды төрөйт. 1903-жылы жарык көргөн Михаил Алибековдун "Кудар хандын үй-бүлөлүк турмушу" деген эмгегинде Жаркын айым Шералы хандын сүйүктүү жары, а Кудаяр жакшы көргөн уулу болгон деп көргөзүлөт.

Шералы хан көтөрүлгөн учурдан баштап, Кокондогу эски ордого Жаркын айым үчүн ак өргө тигилген. Көтөрүлгөн ак өргө 1868-жылы Жаркын айым көзү өткүчө турган. Жогоруда аталган "Кудаяр хандын үй-бүлөлүк турмушу" деген эмгекте да: "Хаким айым" деп кайрылышкан бул айым карылыгында да эски адаты менен турмушунун көпчүлүк бөлүгүн эски ордого атайын ага арналып тигилген кыргыз үйдө жашап өткөргөн. Жаңы курулган сарайга көчүүгө үлгүрбөй, ал ошол кыргыз үйдө көзү өткөн" - деп баяндалат.

Отуз жылга жакын ордодо "Хаким айым" аталган кыргыз кызы ушул тигилген кыргыз үйдө хандыкты башкарууга иштиктүү аралашкан. Жаркын айымдын ордодогу ишмерлиги, Шералы хандын учурунда эле баштаган. Шералы хан Нүзүп миңбашыны ордодон алыстатып Маргаланга аким кылып, ал жерден жашыруун өлүм жазасына буюрганда Жаркын айым анын өмүрүн сактап калууга аракеттенген. Нүзүптүн өлүмү Шералы хандын бийлигин алсыздандыраарын алдын ала эскерткен Жаркын айым болгон. Чындыгында ошондой болду. Шералы хан өлгөндөн кийин Жаркын айымдын ортончу уулу Кудаяр жаштыгына карабай хан көтөрүлдү. Бийлик тизгини Мусулманкулга өттү. Кудаяр көпчүлүк убактысын апасынын жанында, Мусулманкулдун катуу көзөмөлүндө өткөрдү. Апасынын тарбиясында өскөн Кудаяр хан жөнүндө, тарыхый жазмаларда да анын тууганчыл сезими күчтүү өнүккөнү, апасын өтө урматтап, бардык жагынан анын сөзүнө баш ийгени" - айтылат. Кудаяр ханды Мусулманкулдун таасиринен бошотуу

* Көпчүлүк булактарда Сарымсак бакма уул экени баяндалат.

үчүн Жаркын айым көп аракеттерди жасап, акыл-насааттарын айтып турган. Жашы жете элек Кудаярга Мусулманкулга караганда апасынын жана анын тууган-уруктарынын таасири күчтүүлүк кылган. Ошондуктан Жаркын айым менен Мусулманкулдун ортосунда тирешүүлөр күчөй берген. Улуу баласы Сарымсактын өлүмү да Жаркын айымдын Мусулманкулга болгон кегин күчөткөн. Кийин кыпчактар кыргынында Мусулманкул туткундалып, Кудаяр хан аны өлүм жазасына тартууга олку-солку болуп турганда, Жаркын айымдын катуу талабынан улам Мусулманкул дарга асылат. Ал тууралуу 1869-жылы Орусиянын "Аскер жыйнагы" деген журналынын 7-санында да көргөзүлгөн. Мусулманкул аскер жазасына тартылган соң Жаркын айымдын кийлигишүүсү менен миңбашылык орунду Сузактын Кара-Дарыясынан чыккан Касым деген кыргыз ээлеген. Натыйжада Кудаяр хан Касым миңбашыны өлүм жазасына буюрган. Ошондо Жаркын айым кайрадан ортого түшүп, хандын ал буйругун кайра алдырып, Касым миңбашыны өлүмдөн алып калган. Муну XIX кылымдын 2-жарымында ташкенттик Абу Убайдулла Мухаммад "Халасатул-ахвал" ("Кыскача биография") деген эмгегинде көргөзөт. Ошондой эле Жаркын айым өлүм жазасына тартылган ордонун казына башчысын да өлүмдөн сактап калганы тарыхый даректерде учурайт.

1858-жылы Кудаяр хан менен аталаш бир тууганы Малабектин ортосунда катуу араздашуу болуп, ызааланган Малабек Анжыян вилаетинде аким болуп турган иниси Сайипбекке келет. Андан Алымбек даткага келип, андан жардам сурап Кудаяр ханды бийликтен кетирүүнү көздөйт. Бул кабар Кудаяр ханга дайын болот. Ошондо айласы түгөнгөн Кудаяр хан, апасы Жаркын айымды арачы болуп берүүсүн өтүнүп, Малабекке жиберет. Чокан Валихановдун жазганы боюнча Жаркын айым эки бир тууганды элдештирүү үчүн Кара-Сууга келип, Малабекке иниси менен жарашуусун айтат. Ал жерден адаттагыдай эле Алымбек датка менен Курманжандын сыйын көрөт. Бирок, Жаркын айым бул сапар Малабекти макулдата алган эмес. Эки бир тууганды күрошү Малабектин жеңиши менен аяктаган. Малабек хан көтөрүлөт. Алымбек датка баш уазирлик орунду ээлеп, көп жерлерге кыргыздар бийлик орундарына коюлат. Кудаяр хан Бухарага качып кеткени менен Жаркын айымдын ордодогу ак өргөсү чечилген эмес. Ал ордодо жашап, оз таасирин сактап кала берген. Мала хандан кийин Алымбек датканы Узун-Агачтагы окуя үчүн жашыруун өлүм жазасына тартылганы Жаркын айым аркылуу Курманжанга жетип, Алымбек датка аман калат.

Кудаяр хан үчүнчү жолу 1865-жылы такка отурганда Жаркын айым мурдагы таасирин кайра орноткон. Жаркын айымдын колдоосуна ээ болгон Шералы, Атабек деген эки кыргыз ордодогу таасирдүү орундары ээлешет. Атабек хандыктагы жоо аскерлердин жана артеллериянын башчылыгын ээлесе, атчан аскерине Шералы башчы болот. Шералы бир кабарда Таластагы Ажыбек датканын 2-уулу болгону айтылса, Атабек Сыйнат датканын

(айрым маалыматтарда Зыяда датка деп учурайт) күйөөсү болгону айтылат. Кудаяр хан таежеси Сыйнат датканын күйөөсү Атабекке көп ишенип, өзү аңчылыкка кеткенде, же хандыкты кыдырып ордодон алыстаганда ордуна дайыма Атабекти баш кылып кетээри булактарда көп кездешет.

Төңкөрүшкө чейинки авторлордун, айрыкча, Алибековдун "Кудаяр хандын үй-бүлөлүк турмушу" деген эмгегинде: "Кудаяр хан күнүгө эртең менен апасына салам айтууга кирип, анын кеп-кеңешин уккандан кийин гана хандык милдетин өтөөгө киришкени баяндалат. Жаркын айым дайыма элечекчен жүрүп, боз үйдө, накта кыргыз турмушунда жашап өткөн. Ордодогу бардык кызматчылар андан сүрдөп, айтканын эки кылбаган.

Жаркын айым 1868-жылы каза болгон. Кыргыздын саруу урусунан чыккан Жаркын айымдын сөөгү Кокондо өтө урмат менен коюлат. Кудаяр хан, анын бир туугандары, балдары Кокондо Жаркын айымдын сөөгү жүктөлгөн арабаны жоо жандашып, көз жашын көлдөтүп узатышкан. Тоодон кыргыздыр агылып келишкен. Кийинки жылы кыргыздын салты менен Кокондо Жаркын айымдын ашы зор салтанат менен берилген. 1869-жылы Кудаяр хан апасынын урматына ордо сарайынын жанындагы мечиттин чыгыш тарабына кооз медресе салдырып, айланасына бак отургузат. Ал медресе Хаким айым медресеси аталып, Кокон шаарындагы кооз курулуштардын бирине айланган.

Кийинки 1870-жылы Кудаяр хандын бир тууган эжеси Начуучук айым каза болот, анын сөөгү да зор урмат менен жайына коюлган. Ошол мезгилдеги авторлордун жазып калтыргандары боюнча, Жаркын менен Нарчуучуктун өлүмү Кудаяр ханга өтө каттуу таасирин тийгизген. Ал турмак анын бийлигинин начарлай башташы да апасы менен эжесинин өлүмүнө байланыштуу экени белгиленет. Алардын антип жазгандарынын да жүйөөлүү жактары бар. Анткени, Кудаяр дайыма апасынан, эжесинен баалуу кеңештерди алып келген. Апасы ордо менен кыргыздарды байланыштырып турган өзүнчө бир түйүн болгон.

Авазов Э. (Ош)

Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин орус колониялизминин репрессияга багыт алуусу

Маани-маңызы, нарк-насили согуштук мүнөздө болгон Түркстандагы падышачылыктын аскердик бийлик ээлери чөлкөмдөгү орус бийлигине каршы чыгууларды карапайым элге сабак «болушу үчүн жаза кетирбей канга боёп», эркиндикти" эссегендердин ой-санаасында орус аскерлеринин жеңилбестигин, теңдешсиздигин бүтпөс баянга айландыруурга аракеттенишкендиктери жалпыга маалым. Булактарда айтылгандай "1896-1899 жылдардын аралыгында

Түркстанда болуп өткөн 647 жолку элдик чыгуулар"[1] анын ичинде бүтүндөй Фергана өрөөнүн камтыган Анжыян көтөрүлүшү падышачылыктын мындай "мээрбандыгынан" куру жалак калбагандыгы талашсыз көрүнүш. Аталган көтөрүлүш башталганга чейин эле Ферганадагы колониялык бийликтердин даярдалып жаткан кыймылдан кабары бар кээ бир өкүлдөрү тарабынан аны басып коюу аракеттери болгон. Асакенин приставы Сахиб Гиреевич Еникеев жана Ош оезунун башчысы Зайцев Мадали Эшен уюштуруп жаткан көтөрүлүштөн биринчилерден кабардар болушуп, аны баштатпай, ордунда басып коюунун камын көрүшкөн. Маалыматтарга караганда С.Еникеев Кокон хандыгынын Петербургдагы элчиси Мырза хаким парваначынын татар аялынан төрөлгөн экинчи перзенти Саадаттын күйөөсү болгон[2].Еникеев кабарды Миң-Дөбө кыштагынын болушу Низамидин Молдобай уулунан угуп, ал жөнүндө Маргалан оезунун башчысы Коншевскийге кабарлап жакшы кураланган он беш кишиден турган аскери менен Мадали Эшен турган Тажик кыштагына жетип барган.Бирок ал кечигип калган болчу. Бул убакта көтөрүлүшчүлөр Анжыянга жөнөп кеткен эле. Жергиликтүү кыргыз Карабек Хасановдун алып келген кабары боюнча Оштун башчысы Зайцев Ак-Теректе топтолгон Омурбек датка Бекмурат уулунун тобун камакка алган. Көтөрүлүшкө чыгууга даярданып жатышкандардын арасынан 20 адам колго түшкөн[3].

Көтөрүлүштүн чыгышы жөнүндөгү билдирүү Фергана областынын губернатору Повало-Швыйковскийге да жеткен бирок ал ага анчалык маани берген эмес. Эртеси гана губернатор Анжыян оезунун башчысы Брянов менен окуя болгон жерге барып, Мадали Эшенди тезинен кармоо боюнча Избаскен участкасынын приставы штаб-капитан Агабековго катуу тапшырма берген. 19-май күнү бир нече коштоочулары менен Мадали Эшен Арсланбап тарабтагы Чарбак кыштагында колго түшүрүлөт. Эшенди колго түшүрүүдөгү кызматтары үчүн Якуб Ибрагим уулуна, Муса Мусадык уулуна Георгий тасмасы, күмүш медаль жана 100 сомдон акчалай сыйлык берилген.

Ферганадагы бул окуя падыша өкмөтүн катуу тынчсыздандырган. Көтөрүлүшчүлөрдү көндүм адат боюнча жазалоону тез колго алуу үчүн согуш министри өзгөчө иш чараларды кабыл алган. Фергана областынын аскер-губернатору Повало-Швыйковский, Анжыян оезунун башчысы Брянов, Асаке приставы С.Еникеевдер кызматынан четтетилген. Генерал майор Чайковский губернаторлукка дайындалып, Фергана өрөөнүнө көбүрөөк өлчөмдөгү аскер күчтөрү киргизилген: Сыр-Дарыя, Жети-Суу областтарынан, Ташкент шаарынан жазалоочу аскер бөлүктөрү алынып келинген. Падыша аскерлери көтөрүлүш чыккан аймактарда ырайымсыздык менен жазалоо иштерин башташкан. Көтөрүлүшкө катышпагы жок жүздөгөн бейкүнөө адамдар сот-сураксыз эле кыргынга учурашкан. "Кармалгандардын баары 777 киши болгон, бирок кийин 362си бошотулган, 415 катышуучу сотко берилген. Соттун жыйынтыгында 18

---

[1] *Касымбеков К.Ф.* Народные движение в Ферганс в конце 19-начале 20 в.в. //Вопросы истории Узбекистана. - Самарканд, 1975. - 28 бет.

[2] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон.-Ташкент, 1994.

[3] *Усенбаев К.У.* Об участии киргизов в Андижанском восстании 1898 г.//История и историография национально-освободительных движений. Вторая половина 19-начало 20 вв.-Т., 1987. - С.43.

адам асылган, 344ту жалпы узактыгы 4261 жылга каторгага, айдалган, алардын ичинен үчөөнүкү мөөнөтсүз. Андан сырткары 18 адам Сибирге түзөтүү жумуштарына жиберилген, кармалгандардын 32си гана акталган.[1] Кээ бир маалыматтарга таянсак 208 киши Сибирге айдалган анын ичинен 136сы кыргыз, 52 озбек, 13 кашкарлык, 4 турк, 3 тажик болгон. 1898- жылдын биринчи июнунда аскер соту генерал-майор Терентьевдин жетекчилиги астында көтөрүлүштүн айыпкерлеринин иши каралып, (Мадали Эшен баш болгон) 19 адамды асып өлтүрүүгө өкүм чыгарылган[2]. Өкүм аткарылып, шейит болгондордун денелери элдин жүрөгүнүн үшүн алышы үчүн кечке чейин асылып турган. Кийин аларды жашыруун түрдө гана көмүшкөн. Фазылбек Атабек уулунун маалыматына караганда көкарттык Чыйбыл болуш да өлүм жазасына тартылган[3]. Бирок, айрым маалыматтарга караганда Чыйбыл болуш суракка алынып, аны аскердик сот өмүрүнүн аягына чейин сүргүнгө айдаган. Көк-Арт, Сузак чөлкөмдөрүндөгү ырайымсыздык менен жүргүзүлгөн жазалоо иштери "Чыйбылдын жаңжалы" делинип, эл арасында айтылып жүрөт. Көк-Арт элине гана эмес отуракташкан өзбектерге, Кетмен-Төбө өрөөнүнө таанымал болгон бул инсанды бекер жеринен Эшманбет ырчы Токтогул сүргүндөн кайтып келгенде:

Көрдүң бекен Токтогул,
Көк-Арттан кеткен Чыйбылды
Кунадир келип кармаган
Күмүш боолуу туйгунду[4], - деп ал-абалын сурап ырдабаган чыгаар. Жогоруда белгилеп өткөндөй Оштогу аскер бөлүктөрүнө кол салууну уюштурмакчы болгон Ноокаттык Оморбек датканын элине карата жазалоо иштерин ошол убактагы кадимки жазгыч акын Молдо Ныяз өзүнүн сапаттарында мындай деп жазган:

Оморбек журту атылып,
Кырылганга күйөмүн
Мамытаалы байбатча.
Байлыгы таин Атабек.
Жок болгонго күйөмүн.
Бейпилдин журту авакка
Жыйылганга күйөмүн.
Кафирдин зулму бу журтка
Өткөнүгө күйөмүн[5], - деп Ак эшендин жаңжалынан улам күнөөсүз элдин тарткан азап- тозогуна жаны күйүп жазган. Ырда айтылган Атабек бул кадимки Оморбек датканын энеси болгон. Оморбек жөнүндө Токтогулдун төмөнкү ыр саптарында да учурайт:

Адыгине Оморбек
81 жашка барыптыр.
Сакалында кара жок,
Куудай болуп калыптыр.
Алты жашар баладай

---

[1] *Сенг-Заде.* К 30-летию Андижанского восстания 1898 года. - Т., 1928. -82-бет.
[2] *Эгамназаров А.* Сиз билган .... - 82 бет.
[3] Айтыштар. - Ф., 1972. -Т.2. - 119-бет
[4] Айтыштар - Ф., 1972. - Т.2. - 119-бет.
[5] *Молдо Ныяз.* Санат дига расстар - Б., 1993. - 96-бет.

Акылынан таныштыр.
Анын да сөөгү көмүлбөй
Ара жолдо калыптыр.

Жашы бир кыйлага барып калган Оморбек датка бир өмүрлүк сүргүнгө айдалып, көп өтпөй жолдо каза болгон.

Падышалык баскынчы бийлик жергиликтүү калктын жүрөгүнүн биротоло үшүн алуу үчүн репрессиялык чараларды күчөткөн. Жергиликтүү феодалдардын айрымдары мындай учурду текке кетиришкен эмес. Айрыкча колониялык администрацияга кызмат кылышкан феодалдык төбөлдөр көтөрүлүштү басууга, жазалоо иштерине жардам көрсөтүшкөн, Өз отчетунда Түркстан генерал-губернатору: "Козголоңчуларды жазалоодо туземдик администрациянын кызмат адамдары көмөктөшкөндүктөрүн" белгилеген. "Алар жаңжалга катышты, ошондуктан камакка алабыз" деген шылтоо менен элдин акчасын, мал-мүлкүн талап, баш ийбегендерди жалган жалаа менен орус бийликтерине кармап беришкен. Эсепсиз кармалгандардан абактарда бош орун калбай калгандыгын падыша өкмөтүнүн чиновниктери моюнга алышкан. Мадали Эшендин үй-бүлөсү, анасы Асалбиби Артыкбай кызы, көтөрүлүш ийгиликтүү аяктаса хан көтөрүлмөкчү болгон 13 жаштагы жээни Мусулманкул менен орус бийликтери тарабынан суракка алынып, сүргүнгө айдалышкан.

Репрессиялар, жалаа жабуулар өзгөчө элеттик кыргыздардын арасында катуу жүргөн. Суусамыр болуштугуна каралтуу Кетмен-Төбөдө Шадыбек калпа жетектеген топко катыштыгы бар 29 адам өлүм жазасына тартылган. Бирок, алар бийликтерге анчалык жоготуу алып келишпегендиги, кармоодо анчалык каршылык көрсөтүшпөгөндүгүнөн улам сот "өлүм жазасын сүргүнгө айдоо менен алмаштыруу" сунушун жогору жактагыларга билдирген. "Соттун бул сунушун эске алып, 18-августта Туркстан генерал губернаторлугунун төрагасы генерал-лейтенант Духовский Суусамыр болуштугунан камалган 29 адамга өмүрүн кайтарып,өлүм жазасын каторгалык тартипте 7 жылдык мөөнөттөгү сүргүн менен алмаштыруруга макулдугун берген. Мындай жаза алгандардын арасында Токтогул Сатылганов дагы бар эле[1]. Толкундоолорду басууга орус бийликтерине Суусамыр болушунун башкаруучусу Бактыяр Рыскулбеков, Манап Аширбай Бешкемпиров жана Пишпек оезунун Атаке болушунун башкаруучусу Тезекбай Төлөгөндөр чоң көмөк көрсөтүшкөн. Кызматы үчүн бул феодалдар сыйлыка көрсөтүлгөн.[2] Анжыян көтөрүлүшүнө баланыштуу падышалык бийлик Фергана областынын калкына 300 миң сом өлчөмүндө контрибуция салган. Кармалгандардын үй-мүлкү конфискацияланган. Бийлик талашкан жамааттар өздөрүнүн атаандаштарынын үстүнөн колониялык бийлик өкүлдөрүнө чагым жасашып жалган жалаа менен каршылаш жамааттын бий чыкмаларынын көзүн тазалооого аракеттенген учурлары көп болгон. Ошондон улам феодалдардын бир даары да жабыр тарткан.

Репрессиялар Фергана өрөөнүнөн тышкары аймактарда да жүргөн. Алсак көтөрүлүш болгон жерден жүздөгөн чакырым алыстыкта жайгашкан Пржевальск оезунда 100гө жакын адам кармалып, Анжыянга алынып келип абакка

---

[1] *Молдокасымов К.* Акындын абак жылдары.//Кыргызстан Маданияты.— 1989-жыл, № 30

[2] *Усенбаев К.У.* Об участии кыргызов .... 41-бет.

салынган. Көтөрүлүштүн таасири Жети-Суу облусуна да тийген. Мисалы, Жети-Суу областынын, анын ичинде Кыргызстандын түндүк аймактарынын тургундарынын көтөрүлүштү колдоосу, ага тилектештиктерин билдирүүсү жөнүндө Пржевальск оезунун башчысынын 1898-жылдын 15-июнундагы жашыруун рапорту жана башка расмий документтер күбөлөп турат.[1] Түндүк Кыргызстандагы көтөрүлүштөн кийинки кырдаал ошол коогалануу учурдун күбөсү болгон. Т. Байболот уулунун эскерүүсүндө бул ачык көрүнөт: "Жана да Ферганада Мин-Дөбө деген жерде Эшенмин деп бир жинди бузук чыгарды. Мындагыларды мусулмандар баарың бирсин деп күнөөкөр кылып айдап кыйла сыккан эле. Мужуктар журт ичине жайылып чыгып, май чыгуучу жерлерге барып коркутуп алып жүрдү. "Бербесең Эшендин муруту экенсиң", - деп өкмөт манаптарды букаралар менен айдап көчүрүп сиздин жүрө турган жайлоо ушу, - деп, тоодогу карагай токой арасына көчүрдү. Мужуктар токойдун арасына эгин айдап, чаба турган чөбүн корук кылып, баккан малын алып барып элди кысып, эл ошондо жалгыз аты менен жалгыз саан уюн аркандап оокат кылып турду»[2]. Элдин мындай балээге кабылышын арка кыргыздары Мадали Эшенден көрүшүп, аны жактырышкан эмес. Анжыяндагы көтөрүлүш падыша өкмөтүнүн Түркстандагы башкаруу режимин күчөтүүгө алып келген. Ферганага көтөрүлүшкө чейинкиге караганда көп өлчөмдөгү аскер күчтөрү киргизилген. Крайдагы бардык башкаруу аскердин таман алдында калып, бардык бийлик генерал губернаторго, областык губернаторлорго өткөрүлгөн.Сот мекемелери да иш жүзүндө баш ийип калган. Край боюнча административдик коалициялык кызматтар көбөйтүлгөн.

1886-жылдагы Жободо киргизилген жергиликтүү башкаруу аппаратына шайлоолор алынып ташталган. Орус бийликтери Туркстанда орус дыйкандарынын колонизациялоосун күчөтүүгө чечкиндүү чаралар кабыл алышган. Жерлерде орус-тузем мектептери көбөйтүлгөн[3]. Колониялык бийлик ээлери көтөрүлүштү оңой эле басканы менен Фергана өрөөнүндөгү окуядан улам орус келгиндерин куралдандырууну да күчөткөн. Аны булактар тастыктап турат.

"В 1998 году было роздано в семиречье 3000 винтовок: 1тысяча казакам, а 2000 русским крестьянам. В том же 1998 году в среднеазиатской железной дороге для вооружения железнодорожных служащих было отпущено 2069 винтовок с 62072 патронами. Всего на руках русских, по пяти областям составляло 4695 винтовок"[4].

Бирок, Түркстандагы колониялык бийликтин күч алышы ырайымсыздык жазалоолор, коркутуу-үркүтүүлөр эркиндикти сүйгөн элдин эркин майтара алган жок. 1898-жылдагы трагедиялуу тагдырга туш болгон Анжыян көтөрүлүшү деп аталган, бирок, бүтүндөй Фергана өрөөнүн камтыган, Туркстандын башка аймактарына да таралмакчы болгон бөлтөндүк күрөш элдин жүрөгүнө азаттыктын үрөөнүн сееп кетти. Азаттыктын азаптуу мүшкүлүн көргөн туркстандыктар 1905,1908,1916,1917-жылдары бөлтөндүк күрөшүн улантты.

---

[1] *Усенбаев К.У.* Об участии кыргызов .... 45-бет.

[2] *Тоголок Молдо Байболот уулу.* Кордолгон заман.//Ала Тоо, 1991-жыл, № 11.

[3] *Сенг-Заде.* К 30-летию .... 55-бет.

[4] *Галузо П. Г.* Вооружение русских переселенцев в Средней Азии.- Т., 1926 - 25-бет.

Султанбаева М. (Ош)

К вопросу политики царского правительства в отношении женщин колониального Кыргызстана

Покорение Кыргызстана Россией - это довольно длительный и трудный процесс (начавшийся во второй половине XIX в. и завершившийся в середине 70-х годов XIX века) преследовал как политические, так и социально-экономические интересы Российской империи. Одним из важных моментов политики Российской империи является политика в отношении женщин колониального Туркестана.

В изучении социально-правового положения женщин Кыргызстана в период колониальной власти царизма существует ряд трудностей, связанных, во-первых, отсутствием документальных источников, если и есть какие-либо материалы, то они нарративного характера (записки, воспоминания, мемуары исследователей края), или же это этнографические источники; во-вторых, нет специальных научных работ, посвященных исследованию данной проблемы. До настоящего времени социально-правовая политика царского правительства в отношении женщин Кыргызстана не изучалась. Опираясь на существующие материалы и источники, попытаемся дать характеристику положению женщин Кыргызстана в колониальный период в следующих аспектах:

а) в области культурного развития;

б) просвещения и образования;

в) судебного устройства и судопроизводства.

Выделенные аспекты для нас кажутся самыми главными, так как колониальную власть не интересовала проблемы права и социальной защиты населения. К тому времени в отсталой России, по сравнению с западноевропейскими странами, где идеи свободы и равенства были выдвинуты еще со времен Великой Французской буржуазной революции, и речи не могло быть о равноправии женщин.

Дух времени, в связи с потребностями производственных отношений (капиталистических), требовал прежде всего проведения реформы просвещения, судебной системы. Они были необходимы для ослабления местного судопроизводства, который, главным образом, зиждился на канонах Шариата и Адата. Следовательно, прежде чем дать анализ социально-правовому положению женщин Кыргызстана в колониальный период нам следует обратить внимание на политику колониальной власти в области культуры, просвещения и судебной системы.

Процесс колонизации Средней Азии, меняя экономические, политические и социальные отношения, не мог коренным образом изменить культурно-бытовые традиции, находящиеся под глубоким влиянием религии. В глубоко маскулинизированном и патриархальном обществе не могло быть

и речи о правах женщин и об изменении их социального статуса; архаические порядки, жесткая регламентация семейных отношений со стороны религии запрещали проникновения или вмешательства из вне.

Колониальная власть, состоящая прежде всего из русских чиновников, служила орудием эксплуатации коренного населения. Вся российская колониальная административно-полицейская надслойка, начиная от генерал-губернатора и кончая уездными начальниками и участковыми приставами опиралась на местах непосредственно на местную администрацию в лице волостных управителей, старшин, казиев и биев, вербовавшихся главным образом из имущих слоев местного населения. Под видом сохранения в неприкосновенности и самоуправления местного населения, зиждившихся на основах "шариата" и "адата", царская администрация умело использовала механизмы и методы беспрекословного подчинения и послушания в своих интересах. Был нарушен прежний баланс политических, экономических и социальных факторов. Царская власть умело использовала принцип «разделяй и властвуй»[1], внося крен между этносами, социальными слоями, между сторонниками реформизма (джадизма) и традиционного консерватизма.

В области культурного развития местного населения интересы царизма в основном направлены были к развитию новых социально-экономических отношений. Если и делались какие-либо попытки насаждения школы просвещения, то они преследовали цель русификации и миссионерства. В крае (по Масальскому) еще в 1906 году всех русских школьных заведений было 413 с 30 326 учащимися, из которых 20% приходилось на местное население. Местная молодежь больше всего училась в русско-туземных школах (числом до 90) и учительской семинарии, выполнявшие миссию русификации местного населения. Местных учебных заведений старого типа (медресе, мектебы и другие) имелось в крае до 6300 с 75000 учащихся[2]. В этих учебных заведениях преподавание имело религиозный и схоластический характер, с господствующим влиянием духовенства. Зарождавшиеся новометодные (реформаторские) школы "джадидов" еще были малочисленны. Местное население отказывалось отдавать своих детей в новые русские школы. Духовенство в лице мулл, ишанов и т.д. было в корне недовольно новшеством и прогрессом. Во всех реформах царской власти, в развитии торгово-ростовщического капитала, разрушении основ феодальных отношений и т. д. духовенство видело прямое нарушение своих интересов. Духовенство ненавидело зарождавшуюся прогрессивную реформаторскую интеллигенцию, также покушавшуюся на старый уклад жизни.

---

[1] *Кененсариев Т.* Некоторые причины возникновения межнационального конфликта и возможные пути его устранения.//Ренессанс или регресс. - Бишкек, 1996. - С.182.

[2] Восстание киргизов и казахов в 1916 году. - Бишкек, 1996. - С.72.

Новые явления хозяйственной жизни не могли разрушить прежние патриархально-федальные отношения. Несмотря на то, что в недрах кыргызского общества образовались слои, с одной стороны, из беднейшего крестьянства (кедеи, джатаки), с другой - байство, богатство которого основывалось не на прежних феодальных привилегиях, как манапов и баев, а на ростовщичестве и торговле, - в целом Кыргызстан не прошел капиталистического пути развития, оставаясь патриархально-феодальной страной.

После покорения Кыргызстана Россией, под влиянием социально-политических изменений появился ряд объективно-положительных моментов в судебном устройстве края. Был провозглашен принцип выборности и бийских судов (хотя и формально), введен институт кассационного обжалования решений и приговоров, вынесенных этими судами (в ханствах решения и приговоры обжалованию не подлежали). Появились и другие новшества - в порядке ведения уголовных дел в народных судах: кассация, тюремное заключение, обязательные письменные приговоры и т.д. Местное население получило право по всем гражданским и уголовным делам при согласии обеих сторон обращаться в русский суд. Последний должен был руководствоваться не только местным, но и общероссийским законодательством, безусловно более прогрессивным, чем шариат.

Ими преимущественно разбирались такие дела, как кража, нанесение ран и побоев, похищение женщин, сводничество, прелюбодеяние, самовольный вход в чужой дом, азартные игры,

Но следует учесть, что суды, учрежденные царскими властями, при рассмотрении дел между крестьянами, дел об опеке, попечительстве, наследстве и т. д. руководствовались адатом. По адату и шариату избирались, как и до присоединения к России, низшие звенья администрации.

Было бы неверно считать, что народные суды действовали, совершенно игнорируя реальную власть. Военный губернатор мог подвергнуть представителя местного населения аресту, минуя народные суды. Случались казусы, связанные с вмешательством царского правительства в дела, связанные с шариатом. Например, имеется дело об установлении брачного возраста девушек, после достижения которого они имеют право выходить замуж. Забавное заключается в том, что по вопросу о брачном возрасте для мусульманских девушек запрашивался святейший синод, который с подобающей важностью установил возраст замужества туркменских девушек, опираясь на адат и шариат. Приговоры народных судей по существу приводились в исполнение по распоряжению уездных начальников. Как был вынужден признать один из генерал-губернаторов Туркестана, приговоры народных судов во многих случаях являлись окончательными и не могли быть отменены "даже при явном противоречии примитивным началам справедливости и здравого смысла."[1]

[1] *Саидбаев Т.С.* Ислам и .... - С.111, 109.

Во второй половине XIX - первой четверти XX в. в жизни населения нормы шариата продолжали откровенно довлеть. "Священные нормы шариата" особенно ревниво соблюдались по отношению к женщине. Об этом свидетельствуют свидетельские дела, иски местного населения, приговоры народных судей.

Остались неизменными и другие, отрицательно отражавшиеся на положении женщины в обществе и семье порядки. Более трети 15-16 летних юных женщин уже состояли в браке. Браки в кочевых районах Ферганской области (в частности южный регион Кыргызстана) были полигамными (4,6% мужчин имели по 2 жены, 0,24% -3, 0,01% - 4)[1]. Многоженство было характерно для представителей зажиточных слоев городского и сельского населения.

Итак, в период колониальной власти царского правительства последовали определенные изменения в положении мусульманских правовых организаций. Но эти изменения не были кардинальными и ни в коей мере не затронули, да и не могли затронуть сущность мусульманского права Шариата и обычного права «Адата». Под полным контролем ислама попрежнему оставались важнейшие стороны семейной жизни, нормы поведения коренного населения. Ничего не изменилось и в положении женщин. Секуляризация коснулась только отдельных сторон мусульманского права (дела об убийствах, грабежах, изнасилованиях и побоях).

Поэтому нельзя согласиться с мнением, что после присоединения к России в крае "начинается... интенсивное наступление царского права на местные обычаи и шариатские нормы... Царизм постепенно ограничивает, а местами вообще вытесняет местные правовые нормы"[2], что царизм боролся "против старой консервативной идеологии... религиозных ограничений его народов", а также против "застывших шариатских норм и казийских судов, негодных царскому самодержавию"[3].

Какова же была политика царского правительства в области образования и просвещения?

Колониальная власть России не внесла принципиальных изменений в систему воспитания и образования коренного населения. Грамотность среди коренного населения не превышала 2-3%. До революции подписать свое имя умели лишь две-три женщин из тысячи.[4]

---

[1] *Саидбаев Т.С.* Ислам и.... - С.112.

[2] *Усманов О.* Гражданское право дореволюционного Туркестана. - Душанбе, 1976. - С.27.

[3] *Муллаев М.* Происхождение и реакционная сущность шариата. - Душанбе, 1957. - С.115.

[4] *Саидбаев Т.С.* Ислам и.... - С.90.

Ведущую роль в системе народного образования играл ислам. Абсолютное большинство школ, существовавших в этот период в Средней Азии, носили полностью конфессиональный характер, находились при квартальных мечетях, а их учителями были профессиональные служители ислама.

Именно через религиозные школы - мактабы (мектеб, мактаб-хана) - исламские богословы внедряли в сознание подрастающего поколения требования ислама, добивались того, чтобы они стали нормами повседневного поведения и безоговорочно соблюдались. Школа всячески укрепляла религиозные представления, воспитываемые в ребенке семьей и общественной средой.

Но и такая система образования охватывала почти исключительно мальчиков. В городах имелись начальные школы для девочек, которые посещались детьми из зажиточных семей, а в сельских местностях они были редкостью. Обучение было здесь таким же, как и в мактабах(мектебах) для мальчиков, но в отличии от последних в женских школах несколько меньше занимались арабскими текстами (Кораном). Девочек не учили писать - " чтобы не завели любовной переписки".

В соответствии со все более усиливавшейся капитализацией жизни в крае создавались условия для зарождения так называемых новометодных школ. Функционирование таких школ не запрещалось колониальными властями. Новые учебные программы для некоторых таких школ были выработаны на мусульманских съездах 1905 и 1906 гг. в Нижнем Новгороде. Эти школы были призваны дать учащимся реальные знания основ арифметики, истории, географии необходимые в изменившихся жизненных условиях. Однако новометодные школы охватывали ничтожную часть детей, в основном городских.

На территории Кыргызстана первые новометодные школы появились в Пишпеке, Токмаке и Пржевальске в 1901-1902 гг., в которых обучение велось на татарском языке. В 80-х годах XIX века появились первые, так называемые русско-туземные школы, вызванные к жизни нуждой в переводчиках и работниках: владеющих русским и местными языками и способных трудиться в государственных учреждениях, где, как правило, делопроизводство велось исключительно на русском языке.

Русско-туземные школы сыграли большую роль в распространении среди местного населения русской грамоты, русского языка и русской культуры. Но русско-туземных школ было так мало, чтобы оказать какое-то заметное влияние на жизнь народа. Попытки русских педагогов создать подобную школу для женщин не были поддержаны царскими властями. Новометодные русско-туземные школы в основном начали распространяться перед самой революцией.

"Каплей в море" были и учащиеся местных национальностей, как правило дети имущих классов и преобладающее большинство новометодных

школ были открыты для мальчиков. Например, в женской новометодной школе г. Пишпека в 1914 году училось 70 девушек, 20 из которых - кыргызки, постоянно живущие с родителями в городе. Несколько позже в Кыргызстане были организованы и женские русско-туземные школы. Так Пржевальское городское управление выделило помещение и средства на содержание женской школы, которая была открыта в 1911 г. с 23 ученицами. В том же году с 15 сентября начала функционировать такая же школа в наемном помещении в г. Токмаке. В ней обучалось более 30 учениц татарок, узбечек и несколько кыргызок.

В общей сложности в середине второй декады XX века в Кыргызстане действовало 16 русско-туземных школ. В них обучалось около 750 человек, из которых 670 - дети местного населения, в том числе 614 мальчиков и несколько девочек.[1]

Под влиянием религии и устойчивых традиций отношение местного населения к новометодным школам было не самое положительное; подогреваемое духовенством, в большинстве своем категорически выступавшем против таких школ, оно видело в них отступление от вековых устоев, от веры. С включением Средней Азии к Российской империи была ликвидирована прежняя система управления, ослабла взаимосвязь политического и религиозного сознания, незначительно, но сузились некоторые из выполняемых религией функции. Но существенных изменений в области влияния и роли ислама и культурно-бытовых традиций на духовную жизнь населения, нам кажется, нет.

Местное население, приобщаясь к культуре переселенцев (русских, украинцев и др.), приобретали некоторые навыки их хозяйственной жизни, но в целом их духовная жизнь, сознание и психология оставалась в тисках вековых устоев.

Идеи социально-правового равенства не могли зародиться в патриархальном обществе и тем более в этой области никаких изменений не могла привнести колониальная власть. Ведь как известно, проблема равноправия женщин всерьез начинает подниматься в России в конце XIX - начале XX вв. Это было вызвано тем, что в обществе начали складываться новые общественные отношения в связи с изменением правовой системы. Но положения женщин она не коснулась как центра России и тем более ее колониальных окраин. Положение женщин оставалось неравноправным. Естественно, что такое положение сложилось, во-первых, под влиянием общественного разделения труда, когда в экономической жизни общества огромное значение имела физическая сила. Второй причиной являются политические условия старого времени: принижение женщин было неизбежно и вполне допустимо при таком режиме, когда все население, как в Центральной части России, так и на ее окраинах, состояло не из

[1] История Киргизской ССР.- Фрунзе, 1986. - Т.2. - С.243, 247.

«граждан», а из «подданных». Главной задачей женщины в таком обществе было воспитание мирных подданных, а для этого ей права были не нужны и даже вредны[1].

На основе анализа колониальной политики царского правительства и ее отношения к духовной жизни среднеазиатского общества можно сделать следующие выводы:

1. Вся власть в Российской империи зиждилась на институте патриархальных отношений - начиная от беспрекословного подчинения монарху - царю, кончая властью мужчин в семье. Поэтому колониальная политика царизма также была направлена на беспрекословное повиновение населения Туркестанского края, в том числе и Кыргызстана, своему государю, а на местах - царской администрации;
2. Дискриминация женщин в обществе как в России, так и Кыргызстане имела общие корни возникновения, связанные с общественным разделением труда и закрепленные религиями как христианской, так и исламской, а так же обычаями и традициями, имеющими свои специфические особенности;
3. Царское правительство: заинтересованное в первую очередь в эксплуатации Туркестанского края в своих социально-экономических и политических интересах и искавшая поддержку среди высших слоев общества в лице духовенства - защитников и хранителей традиционно-религиозных устоев, не вмешивалась в семейно-бытовые отношения, чтобы не вызвать возмущения населения;

Итак, социально-правовое положение женщин в колониальные период можно рассматривать в свете обычного права «Адат» и канонов мусульманского права «Шариат».

Жаркынбаев Т. (Ош)

Бөштөндүк үчүн күрөштүн атуулдук согушка айланышы

Түркстан аймагында он эки жылга чамалаш (1918- 1930) созулган "басмачылык" кыймыл жөнүндө советтик мезгилдеги тарыхаама кайсы бир таптык теорияларга алып барып такап, обьективдүү баа бере албай, тарыхчылардын эттиятануусун туудуруп келгени жашыруун эмес. Ч.Айтматов "азыр ойлоп: көрсөң элдик трагедияны бурмалап, өз элинин азаттыгы, ата-мекенинин көз-каранды эместиги үчүн колунан келишинче, түшүнүгүнүн жетишинче кармашкандарды "басмачы" деп келдик. Баласын атасына каршы коюп алардын парк жөрөлгөсүн ыймансыз тап идеологиясына алмаштырган чыгармаларды да

[1] *Гоппе Э. Ю.* Русские юристы о равноправии женщин. В кн.: Актуальные проблемы социально-правовой защиты женщин. - СПб., 1998. - С.63.

жазып, атак алмакчы болдук". (Ч.Айтматов "Курулай сыйлыктын кулу болдук" //"Жаштык жарчысы". 1993-ж. 12 декабрь).

Дегеле бүгүн тарых илиминде бул тарыхый жараянды изилдөөнүн зарылдыгы барбы? "Басмачылык" деген ат кайдан таңууланды? Эмне үчүн узака созулду? деген суроолор туулушу мүмкүн. Кокон автономиялык жумуриятынын биринчи президенти М.Чокоев "Басмачылык- совет өкмөтүнө каршы улуттук боштондук кыймылдын уландысы", Б.Хайт "Зордуктап советтешүүгө каршы партизандык кыймылдын бир түрү", батыш тарыхчысы Р.Пайпс "бул кыймыл Фергана өрөөнүнөн от алып Бухара, Хивага таркалган элдик кыймыл" катары баа берет (А.И.Зевельев, Ю.А. Поляков, Л.В.Шишкина "Басмачество: правда истории и вымысел фальсификаторов". М.1986). Бул тарыхый жараянга түздөн түз катышкан Түркстан фронтунун командачысы М.В. Фрунзе да "басмачылар жөн эле талоончулар эмес, эгер андай болгондо алар эчак эле тынчымак. Басмачылардын негизги күчүн мурдагы өкмөт таарынткан же намысына доо кетирген бир нече миңдеген адамдар түзөт. Алар өздөрүн коргоого ала турган эч кимди таппагандан улам, басмачыларга бүтүндөй мусулман элдеринин ишенимин ала келишкен", - деп алар төгүн жерден чыкпагандыгын белгилейт. Большевик жана солчул эсерлердин алгачкы адилетсиз улуттук саясаты Түркстан элинин көңүлүн иренжитип, "басмачылардын" отун тутандырды. "Басмачы" түрк лексикону боюнча "басмак" деген сөздүн өтмө маанисин түшүндүрөт, синонимдик маанисинде "басып алуу", "кысымга алуу", "зордук көрсөтүү" (А.И.Зевельев "Басмачество: возникновение, сущность, крах" М.1988). Кимди ким басып алып өзүнүн саясий таасирин зомбулук менен ишке ашырып келди? Бул тарыхый термин кимдерге багытталып, таңууланган? Мындай парадокско таң каласыз. Улуттук боштондук күрөшкө чыгышкан эл өздөрүн эч качан "басмачы" деп аташкан эмес, тескерисинче "басмачы", "басып алуучулар", - деп падышалык колонизаторлорду, алардын саясатын улантткан совет бийлигинин өкүлдөрүн аташкан. Алгач большевиктер тарабынан да бул термин колдонулган эмес . "Шайкалар, бандиттер" деп гана аташкан. 1919- жылдын орто ченинен тарта жергиликтүү элдерге таңууланган "басмачы" деген сөздөр алгач басма сөз беттеринде, андан соң айрым расмий документтерде колдонула баштаган. Бул тарыхый жараяндын өбөлгөлөрүн изилдөө менен большевиктик жана солчул эсерлердин бийлигинин Түркстан чөлкөмүндөгү акылга сыйбаган алгачкы иш аракеттеринин жүзүн ачууга туура келет.

1917- жылы 2- ноябрда Кеңеш өкмөтүнүн улуттук иштер боюнча эл комиссарияты тарабынан кабыл алынган "Россия элдеринин укуктук декларациясына" таянуу менен, жергеликтүү элдин интеллигенция өкүлдөрү 22- ноябрда Кокон шаарында жалпы мусулмандардын кезексиз IV курултайын чакырышат. Кеңилдик катары тааныган деклорацияның маңызы мындай эле: "Россияда жашаган бардык элдерге өз тагдырын өзү чечүүнүн чыныгы укугун камсыз кылуу, тең укуктуулук, эгемендүүлүк - өз алдынча мамлекет түзүүгө да укуктуу экендиги жарыяланган". Курултайда мына ушул документке таянуу менен Кокон автономиялык өкмөту түзүлөт. Бул автономиянын түзүлүшүнүн саясий зарылдыгы бар беле? Аны төмөндөгү эки тарыхый фактордон байкоого болот.

1-фактор. Түндүк аймактагы кыргыздар өз жерлерин оторчуларга олтурукташтыруу башкармасынын кийгилишүүсүнүн натыйжасында тарттырып олтурса, Фергана өрөөнүнө келген оторчулар башкармасыз эле стихиялдуу аракет

кылышкан. Сыр-Дария келгиндер районунун чиновниги Н.Рылов мындай билдирүү жасаган: "Жергиликтүү администрация келгиндерди олтурукташтыруу үчүн жарактуу жерлердин запасын пайдаланып бүтүштү, ошондуктан көчүп келип жайланышуу ачык эле өз алдынча басып алуу мүнөзгө айланды. Мындай көрүнүш Андижан уездинин Базар-Коргон, Көк- Арт өрөөндөрүндө Ош, Наманган уезддеринде да кайталанууда. Бул жерлерде келгиндердин чоң топтору кыргыздарды сүрүп акыркы туруп калган жерлеринен айдап чыгышып, алардын мал-мүлкүн, жерин басып алышты. Фергана областында 900гө жакын кожолуктан турган он кыштак ушундай жеткен бейбаштык жол менен пайда болду"(М..Хасанов "Басмачылык: чындык жана ушак" журнал "Шарк юлдузи" 3 номер). Жеринен ажыраган жергиликтүү букаралар бекеринен Мадаминбек Ахматбековдун 20 миңден ашуун армиясынын катарын толуктап турбаса керек. Анткени, жергиликтүүлөр үчүн падышачылыктын империялык саясаты менен большевиктер жана солчул эсерлер өкмөтүнүн алгачкы саясатынын маанисин ажыратып аңдоого мүмкүн эмес эле.

